3

«Үч Д» менен чыккан «Демократ» партиясы



8

«Британиядан Кыргызстанга иштейм деп келдим»




# САРЕСЕП

10-март, 2016-жыл
№09 (42)
saresep.kg
Калыс көз караш




Капитализмби же коммунизмби?

4-бетте



Күчтүү сом элге пайда, экономикага зыян

4-бетте



Тили кесилип, дили туңгуюкка кептелген Түркия

12-бетте



## Депутаттын колу 14 жашар балдарга жетти

5-бетте




НУР CATERING

1 кг. аш 900 сом

*Адал, даамдуу* жана *арзан* тамак жеткирип берүү кызматы!

*Шорпо, Солянка, Рагу, Тефтель, Ганфан, Долма, Лагман, Дымдама, Куурдак , Аш, Манты, Котлет, Бифштекс, Гуляш гарнирлери менен* 99 сомдон

0 558 70 50 66

БИШКЕК ШААРЫ БОЮНЧА ЖЕТКИРҮҮ АКЫСЫЗ

# Орусия 500 млн доллардын 90% тоңдурду

Борбор Азия боюнча орусиялык эксперт Аркадий Дубнов Би-Би-Сиге берген маегинде март айынын башында Президентибиз Алмазбек Атамбаевдин Орусияга жасаган сапары тууралуу: «Бул визит Орусияга да, Кыргызстанга да керек болгондой сезилди. Орус жетекчилигине бул визит Камбар-Ата-1 ГЭСи жана Жогорку Нарын каскадын куруу боюнча келишим жокко чыгарылгандан кийинки негативдүү маанайды жылмалоо үчүн керек болду. Келишимдин жокко чыгарылышы чоң эле таасир калтырды жана Орусиянын аброюна кедергисин тийгизди. Андыктан Москва Орусия Кыргызстанга дале болсо жакынкы өнөктөш катары мамиле кыларын, жалгыз калтырбай турганын көрсөтүүгө кызыкдар болушту.

Москва менен мамилени такташып алуу кыргыз жетекчилигине өзгөчө керек болчу. Себеби Бишкек Москваны дале болсо геосаясий, аскердик жана мигранттарды эске алганда социалдык кепил катары көрөт.

Өзүнүн эмоционалдуулугу, ачыктыгы, кескин билдирүүлөрү менен белгилүү президент Атамбаев кыргыз коомчулугундагы терс маанайды Путинге жеткирди. Эгер мамиле ушундай улана берсе, Атамбаевдин айтымында, Орусиянын Кыргызстанга берген убадалары мурдагыдай эле аткарылбай кала берет. Орусиялык инвесторлор же министрлер берген убадалар сөз бойдон кала берет. Атамбаевдин айтымында, "мунун баары Путиндин аркасынан жасалып жатат, Путин эч нерсе билбейт, аны алдап жатышат жана Орусияда коррупция Кыргызстандагыдан да көп".



Кыргыз жетекчилигинин көз карашы менен алганда мамиле мурдагыдай улана берсе, орус-кыргыз кызматташтыгынан жакшы натыйжа деле чыкпайт.

Орусия өзгөчө кадамга барып, Евразиялык экономикалык биримдикке кошулуунун кесепеттерин жөнгө салчу орус-кыргыз фонду түзүлгөнүн жарыялады. Андан эмне майнап чыкты? 500 миллион доллардын 90 пайызы Орусиянын каржы министрлиги тарабынан орус банктарында тоңдурулду. Албетте, бул кадамдан кийин Бишкек эмне кыларын билбей, нес болуп калды», - деген ойлору менен бөлүшкөн.



# Кыргызстанда доллардын курсу төмөндөөдө

Борбордогу акча алмаштыруучу жайларда 1 доллар 71,9 сомдон сатылууда. Сатып алуу баасы 71,6 сомдон жүрүүдө.

Улуттук банктын расмий сайтындагы маалымат боюнча, доллар 0,02 пайызга төмөндөп, 1 доллар 72,71 сом чегинде көрсөтүлдү.

Евро 0,60 пайызга жогорулап 79,54 сомдон сатылууда. Ал эми жеке акча алмаштыруучу жайларда 1 евро 78,5 сомго барабар болуп турат.

Орус рубли борбор калаада 1,02 сом деп көрсөтүлсө, казак тенгеси 0,211 сомдон сатылууда.

Март айынын ичинде Улуттук банк валюта базарынан 15 млн. 450 миң доллар сатып алды. Бул АКШ валютасынын курсунун кескин төмөндөөсүнө жол бербөө үчүн жасалганы кабарланган.

# Коом активдүү аялды туура кабылдоосу зарыл

Физика-математика илимдеринин кандидаты, педагог Роза Айтматова энебиз аялзатынын учурдагы кыргыз коомундагы орду тууралуу төмөнкү алтын сөздөрдү айтты:

– Азыр саясат, экономика жана башка тармактарда аялдар ордун таба баштады. Алардын укугу тепселбей, формалдуу эмес, чыныгы теңчиликке жетүү аракети бар. Коомчулук да муну туура кабылдоосу зарыл. Мыйзамда теңчилик болуш керек деп жазылганы менен, аялдын үй-бүлө, бала багуу, энелик функция сыяктуу көп жумушу бар. Мунун баарын эч ким кыскарта албайт. Кыргыз кызынын барды-гы сонун, мыкты деп айта албайм. Себеби, коомчулук өзү да көрүп жатат. Кыздарыбызды жаман жолго басканга себеп болгон өзгөрүүлөргө коомчулук өзү күнөөлүү. Мени бул маселелер дайым терең ойго чөмүлтөт. Аябай кейитет. Буга эң биринчи ата-эненин тарбиясы керек. Кыргызда да үй-бүлө эң ыйык деп аталат. Кандай кыйынчылык болбосун, коломтону өчүрбөй сактап калыш керек. Бул эң чоң байлык. Мисалы, Союз учурундагы 1930-жылдардагы репрессияда биздин атабыз атылып кеткен. Бирок, апабыз бизди таштабай, окутпай койбой, баарыбызды багып чоңойтту. Согуштан кийин кандай оор абал болсо да, энелер жаман жолго барган жок. Ошондуктан ата-бабаларыбыздын жакшы сапаттарын унутпай, аларды биз да жан дүйнөбүзгө жашатышыбыз керек.





# Путин Марат Исаевдин эрдигин баалады

Орусия президенти Владимир Путин метронун платформасына жыгылып кеткен аялды сактап калган кыргызстандык Марат Исаевге сыйлык ыйгарат.

Бул маалыматты Кыргызстандын Орусиядагы элчилиги тастыктады. Азырынча Марат Исаев кандай сыйлыктын ээси болоору жана ал качан берилери тууралуу маалымат жок.

Эскерте кетсек, окуя Москванын «Красносельская» метросунун станциясында 11-февралда болгон. Полиция кызматкери жана 2 жүргүнчү, алардын арасында Марат Исаев рельстерге түшүп кеткен аялды куткарып калышкан. Кыргызстан президенти Алмазбек Атамбаев Исаевди эрдик үчүн энчилүү саат менен сыйлаган. Андан кийин Королюк менен Исаевди Москва мэриядагы сыйлаган.

# Адабий портал түзүлөт

Бүгүн, 9-мартта премьер-министр Темир Сариев Кыргызстандын Жазуучулар союзунун төрагасы Акбар Рыскуловду кабыл алды. Бул тууралуу өкмөттүн басма сөз кызматы билдирди.

Жолугушууга маданият, маалымат жана туризм министри Алтынбек Максүтов, Кыргыз Эл жазуучусу Султан Раев катышты.

Анда кыргыз адабиятынын учурдагы абалы, чыгармачыл интеллигенциянын коомдогу ордун жогорулатуу жана кам көрүүнү күчөтүү боюнча маселелер талкууланды.

Премьер-министр, кыргыз жазуучуларынын маданият тармагындагы орду чоң экенин белгилеп, өкмөт бул жаатта кам көрүүнү күчөтүү боюнча иштерди алып барарын билдирди. Ошол эле учурда, жазуучулар өз чыгармаларын окурмандар менен бөлүшүүдө заман талабына жараша тажрыйбаларды колдонуу зарылдыгын белгиледи.

Өкмөт башчы бул жаатта кыргыз жазуучуларынын чыгармалары камтылган адабий портал түзүү жана анда автордук укуктары сакталган чыгармаларды топтоо боюнча тапшырма берди.

Андан тышкары, Жазуучулар союзунун учурдагы маселелерин чечүү жана адабий басылмаларды колдоо багытында атайын каражат бөлүп берүүнү тиешелүү органдарга тапшырды.



Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев, Эдил Айдаров, Эсен Өмүракунов

**Жоопту редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева, Рахат Акматова

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 6500**
**Буйрутма № 542**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# «Үч Д» менен чыккан «Демократ» партиясы

**Ош шаардык кеңешине аттанган 13 партиянын арасынан «Демократ» партиясы серепчилердин кызыгуусун жаратты. «Партияны кимдер түзгөн жана коомго эмне сунуштай аласыздар?» – деген сурообузга** «Демократ» партиясынын лидери Эсен Момункулов **төмөнкүчө жооп берди:**



– Биздин «Демократ» партиясы бүтүндөй өлкөдөгү жаштардын демилгеси менен Бишкек шаарында түзүлгөн. Учурда Ош жана Токмок шаардык кеңешинин шайлоосуна катышып жатабыз.

Партиябыз демократия жана либералдык экономика деген эки баалуулукту туу тутат. Ошондуктан мамлекеттин жана коомдун бардык көйгөйүн чечүү жолу катары жогоруда аталган баалуулуктарга негизделген үч принципти карманып келебиз. Булар – децентрализация, дерегуляция жана дебюрократизация.


Децентрализация дегенибиз – борбордук органдар регионалдык өнүгүү концепциясы сыяктуу стратегиялык долбоорлорду өзүнүн көйгөйүн өзү жакшы билген жергиликтүү калк менен бирге иштеп чыгуусу керек. Мамлекет жүктөнүп алган көп кызматтарын элдин өзүнө тикелей же жергиликтүү калк түзгөн уюмдарга өткөрүп берип, жергиликтүү калк өз көйгөйүн өзү чечкендей шарт түзсө жакшы болот.

Дерегуляция дегенибиз жеке ишкерчиликке тоскоол болгон лицензия, сертификат жана ушуга окшогон жеке демилгенин алдын бөгөгөн чектөөлөрдү азайтуу. Анын ордуна өзүн-өзү тескеп, жөнгө салган бизнес бирикмелердин пайда болуусуна шарт түзүлгөнү туура. Жеке ишкерлерликке мамлекеттин кийлигишүүсү азайтылып, ишкерлердин уюмдарына максималдуу укуктар берилсе, алардын ортосунда өнөктөштүк маданият негизделмек.

Дебюрократизация болсо карапайым калкка мамлекеттик кызматтарды сунууну жакшыртып, эл үчүн ыңгайлуу, жөнөкөй жана түшүнүктүү кылуу. Монголия жана Грузиянын тажрыйбасы колдонулуп, эл бардык керектүү кагаздарды бир жерден жана тез алып кетүүсүн камсыздоо керек. Бул коррупцияны азайтып, мамлекеттик органдардын ачык-айкын кызмат сунуусуна жана элдин комфорттуу жашоосуна шарт түзөт. Заманбап компьютердик технологиялар кеңири колдонулса, чубалган кезекке туруу менен мамлекеттик мекемелердин жанындагы унаа тыгындары жок болуп, мамлекеттик мекемелер менен калктын ортосунда сый-урмат жана ишеним жаралмак.

# Инвестор эмнеге бизге келиши керек?

**Орусиянын «RAEX» агенттиги чыгарган рейтинг боюнча Кыргызстан инвестициялык климаты начар өлкөлөрдүн катарында аталды. Бир эле орус агенттиги гана эмес, өлкөдөгү талдоочу, эксперттер дагы Кыргызстанга инвесторлор тартылбай калганын ырасташууда. Ушундан улам** ЖИА ишкерлер бирикмесинин аткаруучу директору Руслан Акматбекке **"Мамлекет, анын ичинен коомчулук кандай иш-аракеттерди жүргүзсө инвестор тартыла баштайт? Агенттиктин чыгарган чечими реалдуубу?" деген суроо салып төмөндөгүдөй жооп алдык:**



– Ооба, бизде инвестор эмнеге келбейт деген көндүм суроо бар. Биз коомчулукка, расмий өкүлдөргө суроону башкача коёт элек. Бизге инвестор эмнеге келиши керек? Инвестор эмне үчүн Казакстанга, Өзбекстанга, Тажикстанга барбай Кыргызстанга келиши керек деп сурасак жакшы болот эле. Мына ушул суроого жооп тапсак анан бизге келет. Инвестициянын келишине бизде көп тоскоолдук бар. Инфраструктуранын начарлыгы, укуктук келишимдердин иштебегендиги, кесипкөй адистердин жетишсиздиги, сот системасынын ачык эместиги, өкмөттүн улам-улам алмаша бергени жана башка маселелерди чечсек, анан келет инвестор. Дагы бир маселе, албетте, Кыргызстандын кошуна өлкөлөргө караганда бир топ артыкчылыктары бар. Ачык өлкөбүз, парламентаризм бар. Бирок, ошону дүйнөгө тааныта албай келебиз. Атактуу "CNN" жана "Euronews" программаларында Казакстан, Өзбекстан жөнүндө рекламаларды көп көрөбүз. Биз жөнүндө жок. Кыргызстанды дүйнө эли алигиче эки революция аркылуу эстейт. Инвестиция келиш үчүн Кыргызстан жөнүндө жагымдуу жагдайларды, маалыматтарды жайылтышыбыз керек. Ал эми Орусиянын "RAEX" агенттигинин рейтинги боюнча айтсам, "RAEX" агенттиги Орусиянын Каржы министрлигинде жана Борбордук банкында каттоодон өткөн уюм экен. Кептин кызыгы ушунда. Орусия бизге акча бербей, инвестиция салбай жатканын "мына ушундай себептер бар" деген шылтоо менен жымсалдап, бир чети кыр көрсөтүш үчүн жарыялап койгондой элес калтырат.

# Айдоочулар менен маданияттуу сүйлөшө алабы?

**Премьер-министр Темир Сариев Жол кайгуул кызматы менен Кайгуул пост кызматын бириктирүү боюнча жарлыкка кол койду. МАИ кызматкерлери эми жолдо турбайт. Алардын ордуна жолдогу абалды Кайгуул кызматы көзөмөлгө алат. Ушундан улам аталган эки кызмат бири-бири менен иштешип кете алабы деген суроо менен** Улуттук коопсуздук комитетинин төрагасынын мурдагы орун басары Артур Медетбековго **кайрылып төмөндөгүдөй жооп алдык:**



– Бүгүнкү күнү экөөнүн кошулуусу көптөгөн бүдөмүк ойлорду, суроолорду жаратууда. Себеби патрулдук кызматта иштегендердин көбү жол тартибин, эрежелерин жакшы билиши керек. Анткени патрул кызматы дагы көп катачылыктарды кетириши мүмкүн. Анын үстүнө жол кайгуулдун кызматкерлеринин 70 пайызы 2 жыл мурунку экзаменде жол эрежелери, мыйзамдары боюнча өздөрүнүн мококтугун көрсөтүп коюшкан. Эми жол кайгуул кызматы менен патрул кызматы кошулса, айдоочулар менен маданияттуулугун көрсөтүп сүйлөшө алабы деген маселе турат. Эң негизгиси, бул эки кызматтын жетекчилери ар кандай туура эмес абалдар пайда болбошу үчүн алдын-ала ким эмне кылары, кандай жумушту аткарары боюнча укуктук милдеттерин аткарып коюшса, бул дагы чоң жардам болмок. Ал эми алар кандай иштейт жана эмне болору тууралуу жакын арада көп тыянактар чыкса керек. Чынында, эки кызматтын кошулуусу учурдагы жол эрежесин бузгандардын, жол кайгуул кызматчыларына каршылык көрсөткөндөрдүн жана унаада кылмыш жасагандардын көбөйгөндүгүнөн улам болду го деп да ойлойм. Эгерде жол кайгуул кызматы менен патрулдук кызматтын ортосунда эч кандай талаш-тартыш болбой, баары таза, мыйзамдуу, профессионалдык деңгээлде жана тартипти сактап чогуу иштесе, анда албетте алар иштеп кете алат. Эң негизгиси, булардын башкаруу системасын сактаганга, аткарганга аракет кылыш керек. Бизде көп убактарда кошулуу жана ажырашуулар болгон. Алардын көбү аягына чыкпай эле 1-2 айдан кийин наркысы өзүнчө, беркиси өзүнчө бөлүнүп кеткен. Ошондуктан булардын тагдыры өздөрүнүн жана жогорку деңгээлдеги жетекчилеринин колунда.

# "Ар бир алтынчы аял мажбурлоо менен турмушка чыгат"

**"Реформа жана жыйынтык аттуу" жарандык союз Кыргызстандагы коом коопсуздугун изилдеп чыгып, 2015-жылга жыйынтык беришти. Ага ылайык өлкөбүздөгү ар бир алтынчы аял үй-бүлө куруу максатында мажбурлоо менен ала качылган. Мамлекетибиздеги аялзатына карата зордук-зомбулуктун күчөшүнүн айрым себептери тууралуу** "Бир дүйнө Кыргызстан" укук коргоочу кыймылынын жетекчиси Төлөйкан Исмаилова **төмөнкүлөргө токтолду:**



"Биз аялзаты эми унчукпай коё албайбыз. Келечекке үмүт калтырбаган жана адамзат баалуулуктарын тепсеген системаларга ишеним жок.

Аялдар башынан эле жашоонун оорчулугун өз моюндарына алып, ар кандай кризис учурларында туруктуу болуп келишкен. Бирок мыйзамсыздыктан жана зордук-зомбулукка кабылуубуздун күчөшү биздин оозубузду мындан ары жаба албайт. Биз реформа качан болот деп күтүп олтурабыз. Ал эми ММКлар кыздарыбызга, жээлерибизге болгон зомбулуктун күчөшүн күн сайын кабарлап жатат. Бирок ар бир окуя болгондо "ушунусу акыркысы болот" деген бийликтегилердин берген убадасына ишенип келгенбиз. Анткени менен ишеничибиз акталган жок. Статистикада көрсөтүлгөндөн мамлекетибизде жалпысынан 2 млн. 90 978 аял болсо, анын ар бир 25инчиси сексуалдык зомбулукка кабылгандар. Анын ичинен 3 пайызы өмүрүндө таанымбаган адамдын курмандыгы болушкан. Ар бир алтынчы аял ала качылган. Бардык адамдын коомдо орду бар. Ала качуу бул мыкаачылык. Мигрант кыздарыбыз патриот дегендердин курмандыгы болушууда. Зордук-зомбулуктун бардык түрүнө кабылган аялдардын 88,1 пайызы укук коргоочуларга кайрылышкан эмес. Илгерки салт менен жашаган аталар, апалар кайра "сен чыдашың керек" дей бергендиктен алар өз укуктарын коргой алышкан эмес. Ар бир адамдын конституция алдында укугу бар. Алсак, 2010-жылы 19, 2011 –жылы 28, 2012-жылы 25, 2013-жылы 22 жана 2014-жылы 33 кыз турмуш куруу үчүн ала качылган. Ал эми 2012-жылы 331, 2013-жылы 328 жана 2014-жылы 338 айым сексуалдык зомбулукка кабылган. Аялдарга көргөзүлгөн мыкаачылыкты токтотуу үчүн сот, укук коргоо органдарында реформа жасаш керек."

# Күчтүү сом элге пайда, экономикага зыян

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (УБ) коомду толкутпоо үчүн сомдун кунун түшүрбөй кармап турат. Бирок сомго жасалма күч берүү - кыргыз өндүрүшчүлөрүнө пайдасыз. Мен сомду табигий күчтөндүрүү булактарын сунуштайм

## Фактылар менен сүйлөсөк

Былтыр Улуттук банк 40 жолу валюталык интервенция (каржы базарында сом же долларды сатуу) кылып, натыйжада жыл бою каржы базарында 295,2 млн. доллар саткан.

Кышкысын чет элдик валютага талап жогору болгондуктан 2016-жылдын башынан бери УБ сомдун кунун колдоого 64 млн. 350 миң доллар сарптады. Натыйжада сомдун абалы былтыркы жылга караганда 2,65 пайызга жакшырган.

2015-жылдын 1-январына карата КРУБдун эл аралык валюта резервинин көлөмү 1 млрд. 957,6 млн. АКШ долларына тете болчу. 2016-жылдын январь айына карата болсо, корубуз 267 млн. долларга азайып, 1 млрд. 690,9 млн. доллар болуп калган. Бул салыштырмалуу төрт айлык импорт менен барабар. Тагыраак айтканда, Кыргызстанга 4 ай бою сырттан товар сатып кирсек ушунча каражат кетмек.

## Валюталык резервди азайтып-көбөйткөн факторлор

Валюталык операциядан сырткары, эл аралык каржы резервдерге бир нече башка факторлор да таасир этет. Атап айтсак, алар: эл аралык резервге кирген валюталардын курстарынын өзгөрүүлөрү, баалуу металлдарга болгон баалардын өйдө-төмөн болуусу, Кыргызстандын ички каржы базарынан алтын сатып алуу аракеттери, Кыргыз Республикасынын сырткы карыздарына сарпталган каражаттар, КР Өкмөтүнүн эсебине валюталык каражаттардын келип түшүүсү жана эл аралык резервдерди башкаруу аракеттерине жумшалган каражат.

Эл аралык валюта резервдерибизди дүңгүнөн көбөйткөн факторлордун негизгилерине Кыргыз Республикасынын эсебине кредиттик жана гранттык валюталык каражаттардын келип түшүүсү менен «Кумтор Оперейтинг Компани» алтын казып чыгуу ишканасынын төлөмдөрү кирет.

Ал эми жарандарыбыздын ишкердигинен түшкөн акча которууларга токтолсок, 2015-жылы алардын жалпы көлөмү 1 млрд. 344 млн. долларды түзгөн. Бул 2014-жылга караганда 200 млн. долларга, 2013-жылга караганда 700 млн. долларга аз. Бирок акча которуулардын 97%ы Орусиядан келгенин эске алсак, рубль менен эсептегенде которуулардын көлөмү мурункудай эле калган.

## Насыячыларга казынадан 7,6 млн. доллардык жардам

Орусиялык валютанын бекемдөөсү кыргыз каржы базарын да чайпалбай, турукташуусуна шарт түздү. 2016-жылы буга чейин чет элдик валюталар менен алынган ипотекалык насыяларды сомго айлантуу аракеттери ишке аша баштады. Мындай которуу укугу 2864 насыячыга таанылды. Алардын насыялары 2015-жылдын июнь айындагы 62,14 сомдук доллардын наркы менен эсептелди. Ортодогу айырма болсо УБдун каражаттары менен жабылды. Ошентип бюджеттин 574 млн. сомдук (7,6 млн. доллар) жоготуусу мамлекеттин эсебинен толукталмакчы. УБдун айтымында сом менен алынган насыялардын саны доллардык насыялар менен теңелди. Жогорудагы операциялардын аркасы менен доллардык насыялар 60 пайыздан 50%га төмөндөгөн.



Франциядагы Гренобль университетинин магистри НУРАДИЛ РАИМБЕКОВ

Жарандарыбыз үчүн акча алмаштыруучу жайлар тууралуу эскертме берсек пайдалуу болчудай. Эгер сиздерге банктарда, же акча алмаштыруу жайларында долларды алуудан, же сатуудан баш тартып жатышса, же болбосо тактасында көрсөтүлгөн курстан төмөн алууну, же жогору сатууну сунуштап жатышса, мындай аракеттер алар үчүн терс кесепеттерге себеп болот. УБ аларды ушул аракеттери үчүн валюталык операцияларды жүргүзүү укугунан ажыратышы мүмкүн.

## Сомду табигий чыңдоо жолдору

Эл аралык валюта фондунун өкүлү Эдвард Жемаэль улуттук валютаны бекемдөөгө багытталган интервенцияларды жасоону чектөө керектигин УБга сунуштаган. Анткени УБдун мындай саясаты мамлекеттин эл аралык валюта резервдеринин тез азаюусуна жана республиканын өндүрүшчүлөрүнүн атаандаштык мүмкүнчүлүктөрүнүн төмөндөөсүнө алып келет деген.

Улуттук валютаны туруктуу чыңдаш үчүн валютанын негизги үч функцияларын билүү зарыл. Ал бир эле убакта алмашуу, топтоо менен сактоо жана баа бычуу жөндөмүнө ээ болуусу керек.

Сомубуз болсо көбүнчөсүн бааларды бычуу жана мамлекеттин акча каражаты функциясын гана аткарып келет. Күнүмдүк турмушта топтоо жана сактоо функциясын долларга тарттырып жиберген. Калктын каражат топтоону каалаган катмарына доллар менен теңтайлашкан ыңгайлуу жана пайдалуу атаандаштыкты сунуштоо керек. Мындай атаандаш катары улуттук валютадагы депозиттерди (пайда табуу үчүн банкка тапшырылган каражат), алтынды же баалуу кагаздарды айтса болот.

## Менин сунуштарым

Учурда коммерциялык банктардагы депозиттердин 1/3ү доллар менен сакталууда. Болгону 28%ы гана улуттук валютада. Мен УБга Кыргыз Республикасынын «Банкта сакталган каражаттарды (депозит) коргоо тууралуу» мыйзамына коргоону улуттук валютадагы депозиттер үчүн гана калтырып, корголуучу сумманын чегин 100 миң сомдон 500 миң сомго чейин жогорулатууну сунуш кылам. Ошондо калктын коммерциялык банктарга жана улуттук валютага болгон ишеними жогорулайт.

Мындан сырткары, алтын базарын калктын калың катмары үчүн ачуу керек. Мында сөзсүз нак алтын сатуунун кереги жок. Алып сатууну жеңилдетүү жана тобокелчилик менен чыгымдарды азайтуу үчүн алтынды УБдун атайын сертификаттарына алмаштырса болот. Бул сертификаттарды аукциондук ыкма менен сатса болот.

Мындай фондук базардын ачылуусу акчасын пайдалуу сактаганды каалагандар үчүн гана пайда алып келбейт. Кымбат банктык насыяларды айланып өтүп, түз каржы булагын тапкан ишкерлер үчүн да өтө ыңгайлуу болмок.

# Капитализмби же коммунизмби?

Коомдо экономиканын карапайым элге кызмат кылуусу, ысыраптын бардык түрүн токтотуу керек экени бай-ма-бай талкууланууда. Кандай жолду тандап албасын, бири-биринин мүлкүн тартып алуу жан алакетине түшкөн тынчы жок дүйнөнү карап туруп, «Кыргызстаныбызга кайсыл система туура келет?» деген ой басат

Заманбап дүйнөгө байкоо салсаң, көпчүлүк мамлекеттин экономикалык философиясы же капиталисттик, же коммунисттик идеяларга негизделген. Капиталисттик экономика инсандын керектөө талабына ылайык орнотулган. Ошондуктан керектөөчүнүн табитин уламдан-улам арттырып, идеологиясы, мыйзамдары жана өндүрүшү аркылуу анын табитинин эч нерсе менен чектелбөөсүн камсыздайт. Чексиз керектөө капиталисттик экономиканын өзөгү болуп эсептелет. Натыйжада коомдун чакан бөлүгү жогорку керектөөгө жетишип, май-талканга чөмүлүп, алар үчүн өзгөчө акылар таанылып, коом адилеттүүлүк нугунан чыгып, жумушчу тайпанын кыжырын кайнаткан. Ошондуктан өткөн кылым толугу менен капиталисттер жана алардын жумушчулары арасындагы кагылышуу менен коштолуп келген.

Ушундан улам, коммунисттик философия пайда болгон. Ал боюнча жеке менчик толугу менен жоюлуп, коомдук менчик гана болушу керек эле. Коммунизмге жеткирчү баскыч катары каралган социализмде ар бир адам коом үчүн күчүнүн жетишинче иштеши керек болчу. Ортого түшкөн киреше болсо, жалпы элге муктаждыкка жараша таратылган же керектөөчүнүн минималдык муктаждыгы деген өлчөм менен чектелип, баарына бирдей берилген. Ушундан улам, иштеген адам менен жатып ичээр жалкоолор бирдей эле акыга ээ болуп, натыйжада инсандын демилгелүү эмгеги кубатталбай, коммунисттик идеологияны карманган мамлекеттердин экономикасы артта калган. Жеке аракетти жериген бул система он миллиондогон адамдардын кырылуусуна себеп болгон. Коммунисттик элита болсо саясий репрессияга кабылган, же ачарчылыктан кырылган элдин эсебинен тайраңдап жашаган. Азыр чымкый коммунисттик идеологияны карманган бир гана мамлекет бар. Ал Түндүк Корея. Анын аянычтуу абалы дүйнөгө маалым болуп турган чак.

Демек, жогорудагы эки система тең туруктуу экономикалык өнүгүүнү камсыздай алган эмес. Себеби, экөөнүн тең пайдубалында адамдын табиятына терс келген нерселер бар болчу. Капиталисттик системада




чакан топтун кызыкчылыгына коомдогу адилеттүүлүк курман кылынса, коммунисттик идеология адамдын бир нерсеге ээ болуу жана өзүнө тиешелүү акысын алуу сезимдерин жок кылганга аракет кылган. Эмесе «Бизге ылайыктуу экономикалык система кандай пайдубалдын үстүнө курулуусу керек?» деген суроого гезиттин эмки сандарында бирге жооп издейли.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# Эми балдар 14 жаштан жоопко тартылат

Жогорку Кеңеште экстремизм жана терроризмге каршы күрөшүүнүн жаңы ыкмалары сунушталууда. Ага ылайык, 14-15 жашар жеткинчектин жанынан кандайдыр бир диний уюмдарга үгүттөгөн, Ислам Мамлекети сыяктуу топторду жактаган китепчелер, дисктер табылса, анда өспүрүм түздөн-түз түрмөгө жөнөтүлүшү мүмкүн. Мындай мыйзам долбоорун Жогорку Кеңештин депутаты Кыянбек Сатыбалдиев сунуштоодо



### Баланы окутуу үчүн эмес, камоо үчүн акча бөлүндү

Эреже боюнча мыйзамдар алгач коомдун талкуусуна коюлат. Бирок **депутат Кыянбек Сатыбалдиев** эмитен эле өкмөттөн 50 млн. сом каралып жатканын, депутаттар бул мыйзамды кош колдоп колдоорун төмөнкүдөй билдирди:



– Азыр мыйзамды кабыл алып бердик. 50 млн. сом өкмөттөн каралып жатат. Атайын экстремизм, терроризмге байланышкан балдар үчүн 4 колония курганга, өзүнчө жер реконструкцияланып жатат. Булар башка жаза өтөөчүлөр менен бир абакта болушпайт. Анткени түрмөдө жатып алып да, башкаларды үгүттөшү мүмкүн. Алар күчтүү психолог болушат. 14–15 жаштагы балдарды курал катары пайдаланып жатышат. Ата-энеси карабайт, тарбия жок. Каалагандай кылмышты жасатат да, колго түшкөндө "жашы жете элек бала" деп мыйзамга шылтап коюшат. 14–15 жаштагы балдар адам өлтүрүп деле, зордуктап деле коюшууда. Ата-энеси баласын эмес, баласы ата-энесин тарбиялап коюуда. Интернет булактарында жалаң жаштар отурат. Алар бир эле күндө канча адамды кылтакка илип атканы белгисиз. 14 жаштагы бала терроризм, экстремизмге байланышкан иш-аракеттери үчүн Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодексинин 226, 227 жана башка беренелердин негизинде жазасын абакта аткаруугa милдеттүү. Бала кимге гана баалуу болбосун. Мыйзамда баары так жазылып турса, ата-эненин жоопкерчилиги да арта баштайт. "Балам түрмөгө түшүп калбасын" деген коркунуч менен көзөмөлүн күчөтөт. Кокус далили менен кармалса "жашы жете элек" деген шылтоо жоопкерчиликтен сактап кала албайт.

Мыйзам боюнча кылмыш жоопкерчилигине 14 жаштан баштап тартылат. Бирок учурда жаза өтөөнүн ар кандай ыкмалары бар. Бала жаңылыштык менен алгачкы кылмышын кылса, жазаны айыппул менен же үй камагы менен өтөй алат. Ал эми бир эле кылмышка улам-улам барып, же кечиримсиз, мыкаачылык оор кылмыш жасаса, абакка жиберилиши мүмкүн.

### Өспүрүмдүн тагдыры менен ойногонго болбойт

Бүгүнкү күнү өлкө боюнча Жайыл районунун Вознесеновка айылында орун алган жападан жалгыз өспүрүмдөр колониясы бар. Совет доорунан бери заманга ылайыкташтырылып оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлбөгөн колониянын азыркы акыбалы айтпаса деле белгилүү.

**Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын байкоочу кеңешинин төрайымы Чолпон Өмүрканова** абактын абалы менен жакындан тааныш. Аны андагы балдардын келечеги кейитет. Анткени айтылган абак эл аралык стандартка туура келбейт жана илим, билим берүү процесси жүргүзүлбөйт.



– Колонияда 14 жаштан 18 жашка чейинки эркек балдар жазасын өтөөдө. Маселен 14 жашында кылмыш кылса, 18 жашка чейин аталган колонияда камалып, 18 жашка толгондо кадимки эле чоңдор отурган түрмөгө которулат. Абакта оор кылмыш жасаган жана бир эле кылмышка кайра-кайра барган балдар отурат. Маселен, киши өлтүрүү, зордуктоо, уурулук, каракчылык ж.б. ушул сыяктуулар. Булар көбүнчө ата-энеси жок жетим балдар болушат. Эгер бала кылмышка биринчи жолу барса, анда ал жаза-аткаруу инспекциясы тарабынан учетко алынып, инспекциянын көзөмөлүндө болот дагы, административдик эскертүүлөр берилет. Эгер эскертүүлөрдөн кийин жаман жосундарын кайра-кайра кайталай берсе, анда ал балдар колониясына жиберилет. Ал эми балдар колониясында диний экстремизмге, же тероризмге байланышы бар деп айыпталган балдар жок. Буга чейин да катталган эмес. Эгер бул мыйзам долбоору кабыл алына турган болсо, анда баарын кылдат иштеп чыгыш керек деп ойлойм. Адамдын, өзгөчө баланын тагдыры менен ойногонго болбойт да. Өспүрүмдөр менен иштөө өтө оор. Аны келечекте коомго зыян эмес, пайда алып келгидей тарбиялоо керек. Бала абакта отуруп замандан артта калбай, илим-билим үйрөнүүсү зарыл.

### Түрмө өспүрүмдүн келечегине балта чабат

Вознесеновка балдар абагында учурда 45–50 бала камакта отурат. Бирок 2008-жылга чейин абактагы балдардын саны 200дөн ашып турган. 2008-жылы жаза өтөөнүн ар түрдүү алтернативдүү ыкмалары колдонула баштаган. Мындай ыкмалар адамды эркиндикте эле жазасын аткарууга жол берген. Бул баланы түрмө менен оңдоп-түзөө, тарбиялоо иши жыйынтык бербегенинен кабар берет.

Психолог Самат Аалканов түрмө баланын келечегине балта чабат деген ойдо. Анын айтымында бала эмес, эс тартып калган улуу адам дагы түрмөдөн оңолбойт. Тескерисинче, бузулуп чыгат.

– 13–14–15 жаш баланын өткөөл курагы деп коёт. Ата-энеси менен ымалага келе албай, алар менен чырдашып, жашоону түшүнбөй турган, мындайча айтканда, өзүн таба албай турган чагы. Турмуштун оош-кыйышына алгачкы кадамдарын таштап аткан кез. Өспүрүмдүн жашоосу өзгөрүп аткандыктан ал көбүрөөк жан дүйнө кризисине тушташ болот. Аны ата-энеси башкара албайт. Бирок чоочун адам оңой эле ар кандай жолго салып коюшу мүмкүн. Статистикалык маалыматтарда кылмыштын басымдуу бөлүгүн 14–15 жаштагы бала жасайт. Бирок бул статистика Европа өлкөлөрүнө таандык. Бул кылмыштарды бала туюп, түшүнүп кылганына менин көзүм жетпейт. Абакка камоо менен адамды оңдоп-түзөө аракети турат. Бирок адам колониядан оңолуп чыкпайт. Муну статистика дагы көрсөтүүдө. Тескерисинче, баланын келечегине балта чабылып калабы деп корком, – дейт ал.

Даярдаган АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА



### Терроризмди бала эмес депутаттар түшүнбөйт

Мыйзамга ылайык терроризм-экстремизмдик уюмдардын иш-аракеттерине катышуу, үгүтөө, куралдандыруу, окутуу, даярдоо кылмыштары 8 жылдан 12 жылга чейин эркинен ажыратуу менен жазаланат. Ошол эле жосундарга кызмат абалынан пайдаланып, жашы жете электерди колдонсо, мал-мүлкүн конфискациялоо менен 10 жылдан 15 жылга чейин камакка алынат.

**"Демократия жана жарандык коом үчүн коалиция" бирикмесинин жетекчиси Динара Ошурахунова** терроризм жана экстримизм бир эле бала камоо менен басылып каларына ишенбейт. Анын оюнча алгач чыгып аткан уюткуну табыш керек.

– 14 жаштагы бала кылган иш-аракеттерине кантип жооп берсин? Ага ата-энеси жооп бериш керек. Терроризм-экстремизм дегенди 14 жаштагы бала түшүнмөк тургай, ал сөздү жөндөп жаза албайт. Муну бала эмес ошол депутаттар да түшүнбөсө керек. Балдарды чоңдор тартып атат. Биринчи ошол уюткусун тапсын. Укугун коргой албаган, алсыз байкуштарды эле жоопкерчиликке тартканга кыйынбыз. Баланы камаганда эле терроризм-экстремизм маселеси чечилип калмак беле? Парламентте отуруп алып дин маселеси менен ойногонду качан коюшат? Жумушсуздук болуп атса бала эмес, көчөдөгү чоң кишиге деле акча берсе кете берет артынан ээрчип. Жаңагындай диний уюмдардын китептерин, дисктерин тапса кармап кетип атпайбы катышы бар деп. Маселен, мен көчөдө кетип баратканда бирөө кагаз, китеп берсе ала берем да. Арабча түшүнбөсөм, жеткинчек эмес мен билип коюптурмунбу анда эмне деп жазылганын. Мектепте орун жок болсо, бир класста 55 бала отурса, балага кайдан көзөмөл болмок эле. Ал тентиреп көчөдө жүрүп ар кимди ээрчийт, мечиттерге барат, алданат. Биринчи атайы окууларды өткөрүш керек. Көчөдө жүрүүнү, колго тийген чоочун материалдарды талдаганды окутуш керек.

# Дыйкан каалаган тракторун мине албайт

Ар бир дыйкандын киреше булагы анын сепкен эгинине жараша. Мол түшүм алуу үчүн жерди татыктуу жана сапаттуу айдоо зарыл. Ал үчүн дыйканга туура айыл-чарба техникаларын тандоосу керектелет

Жаз мезгилинин эрте келиши талаа иштерин эртелетип, үрөн себүү, техникаларды калыпка келтирүү сыяктуу көрүнүштөрдү ылдамдатты. Бирок бул жерде дагы негизги маселе бизде колдонулуп жаткан техникалардын сапатында жатат. Кээ бир дыйкандардын колдонгон техникалары совет доорунун калдыктары болсо, кээ бириники заман талабына ылайык келген заманбап шаймандар.




## "Бизде айыл-чарба базары калыптана элек"

**Айыл-чарба адиси жана жеке ишкер Манас Саматов** өлкөбүздөгү дыйкандар заманбап техникаларга муктаж, себеби аларга мамлекет тарабынан сунушталып жаткан айыл-чарба шаймандары совет доорундагылар экенин айтат.



"Биз көп жылдардан бери айыл-чарба техникалары менен шугулданып келе жатабыз. Тилекке каршы, өлкөбүздө айыл-чарба техника базары калыптана элек. Анткени замандын талабына жооп бере турган техника сунуштаган киши жок. Ал эми сунушталып жаткандар болсо күндүн талабына жооп бербей турган техникалар. Мен өзүм көп жылдан бери бул теманы изилдеп келе жатам. Эң биринчи көйгөй бул жер айдоочу тракторлордун маселеси. Биздин дыйкандардын өсүшү, көтөрүлүшү үчүн сапаттуу, батыш стандартына төп келген заманбап тракторлор керек. Ал эми учурда лизинг, кредит аркылуу берилип жаткан техникалар совет доорунан калган эски тракторлор. Эгер дыйкан "мен заманбап трактор алат элем" десе "Бизде андай жок. Насыяга акча бере албайбыз" дешет. "Биздин колубузда болгону Беларусь трактору бар. Ошону алыңыз" деп таңуулашат. Бул көйгөйдү башка өнүгүп карасак, батышта тракторлор Беларусь тракторлоруна салыштырмалуу арзан. Алардын 90–95-жылкы, же 2000-жылы чыккан, колдонулган тракторлору деле жаңы Беларусь тракторуна салыштырмалуу сапаттуу жана арзан турат. Өкүнүчтүүсү бажы биримдигине киргенден тарта атайылап сырттан трактор алып келүүгө тоскоолдук жаратып, 10 пайыз бажы салыгын кошуп коюшту. Бул 10 пайыз эски тракторлорду алып келгенге гана. Ал эми жаңы тракторлорго беш жылга чейин салыксыз киргизүүгө уруксат берилди. Бирок, 5 жылдан кийин ага да салык кошулат. Демек беш жылдан кийин биз таптакыр трактор алып келүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырайбыз. Бул биздин фермерлер үчүн чоң трагедия. Ошондуктан буга чейин чет жактан алып келинип жаткан шаймандар дыйкандардын 6–7 пайыздык бай катмарына гана болжолдонсо, калган 93 пайыз колу жука фермерлерге арзан, керек болсо колдонулган сапаттуу техникаларды алып келип сатуу максатын койдук. Буюрса, бул бир айдын ичинде иш жүзүнө ашып калат. Мен өзүм барып 50 түрдүү техниканы Түркиядан тандап келдим. Мындай техникалар бизде жок, элдер али көрө элек.

## Эмгиче Жигули тээп жүрмөкпүз

Биз ар бир өсүмдүктүн, пияз болобу, же алма болобу, айтор, ар биринин процессин өзүнчө карап чыгып, ошого жараша техника алып келүүгө аракет кылып жатабыз. Техника алып келип сатуу менен эле убара болбой, дыйкандарды жаңы технологияга жетелейли, келечекке жол ачалы деген максатыбыз бар. Мисалы, кызылча казып, жыйноо маселеси боюнча былтыр күзүндө Германиядан жана Италиядан жаңы техника алып келгенбиз. Италиядан келген техника кызылчаны өзү казып, өзү жыйнайт. Ал эми немецтердики жалбырактарын кыркат. Бул процессти аябай үлгүлүү деңгээлде жасап, элге көрсөттүк.

Мамлекет "бизде бул техниканын сервиси жок" деп, өздөрүнүн фирмалары аркылуу өздөрү каалаган техникаларын "Айыл банк" сыяктуу банктардан сатып жатат. Жаңы техника алып келейин десең "анын тетиктерин кайдан алмак элең" дешет. Эгер ушул ой менен жүрө берсек, анда азыр жигули тээп жүрмөкпүз. Бул жерде мамлекеттик кызматкерлердин паракорлук системасы үстөмдүк кылып жатат. Реформаны "Айыл банктан" жасаш керек. Биз түздөн-түз дыйкандар менен иштейбиз. Кайсы техниканы алып келүүгө көзүбүз жетет. Дыйкандар дагы бизди таанып калышты.

## 20 млн. доллар 14 кишиге бөлүндү

Учурда бизде каржы булагы аз. Ошондуктан техникаларды кенен алып келе албай жатабыз. Ал эми эл аралык уюмдардан бөлүнгөн акчаларды айыл-чарба министрлиги менен "Айыл банк" бөлүштүрөт. Мына жакында эле Америка 20 млн. акча бөлгөн. Аны 14 кишиге бөлүшүптүр. Эми ушундай кантип болсун? Үрөн чарбаларын өнүктүрөбүз деген шылтоо менен бөлүп берип коюшту. Ошол грант менен 7 облуска 3төн жеке менчик МТС түзсө болот эле. Заманбап техникалар алып келинсе, элдин көзү ачылат эле. Бирок өкүнүчтүүсү – бизде дыйкандар өзүнчө, мамлекет өзүнчө. Баягы эле дежурный фермерлер кредит алат, ар кайсы мамлекетке окууга барышат. Ал эми колу жука дыйкандар өздөрү менен өздөрү болуп калууда. Качан гана баары менчиктештирилген коррупция жоюлуп, дыйкандардын жашоосу оңолот", – деди жеке ишкер Манас Саматов.

## "Заманбап техника, түшүмдү көбөйттү"

Өлкөбүздө дыйкан, фермерлерибиз каалаган өсүмдүктөрүн өстүрүп, чарбалык иштерин жүргүзүп келишет. Убагында жылына бир жолу түшүм алышса, эми бир жылда эки ирет түшүм жыйнай баштагандары да жок эмес. Бирок талаа иштеринин илгерилеши колдонулуп жаткан техникаларга көз каранды. Талас облусунун Манас районунун Беш кадам агросервис айыл-чарба үрөнчүлүк комитетинин төрагасы фермер Марат Садыров заманбап айыл-чарба техникасы түшүм санын көбөйттү дейт.

"Өзүм дыйканчылык менен 5 жылдан бери алектенип келе жатам. Азыр пияз өндүрүү менен иштейм. Дыйкан үчүн айыл-чарба шаймандары эң маанилүү. Алгач жер иштетүүдө Орусиянын жана Беларустун техникаларын колдонуп келдим. Бирок бул техникалардын сапаты азыркы талаптарга жооп бербейт. Эгин эгүүдө, түшүм жыйноодо бардык ишти кол менен аткарууга туура келет. Натыйжада ишибизди илгерилетүү үчүн фирмалык техникага муктаждык жаралды. Алгач банктан лизинг аркылуу 165 аттын күчү бар Голландиянын SAMON тракторун алдым. Тракторго тиешелүү тетиктерин кошо сатып алдым. Бул техника колума тийгенден бери иштин башы кыйла жеңилдеди. Талаа жумуштарын кыска мөөнөттө бүтүрүп, жерлерди айдап, жөөктөп, пиязды сээп, жыйнап берүүдө. Түшүм саны көбөйүп, ыңгайлуулук жагынан жеңил болуп, киреше көбөйдү", – деди фермер Марат мырза.

## Дыйкан каалаган техникасын тандайт



Кыргыз Республикасынын **Айыл-чарба жана мелиорация министрлигинин камсыздандыруу жана механизация департаментинин мүдүрү Нурлан Кожогулов** дыйкандын техника тандоосу анын экономикалык абалына жараша болорун, фермердин тандоосуна чектөө коюуга эч кимдин укугу жок экендигин айтат.

"Бүгүнкү күндө дыйкандарыбыздын колундагы айыл-чарба техникалары жазгы талаачылык жумуштарына даярдыктан өтүп бүтүп калды. Түштүк, Чүй жана Талас өрөөндөрүндө айыл-чарба жумуштары башталды. Учурда өлкө боюнча дыйкандардын колунда 20 миңден ашык трактор, 10 миңден ашык чиркегичтер жана 2 миңдей кошумча техникалар бар. Дыйкандардын колундагы техникалардын 70 пайыздан ашыгы 20 жылдан наркы каражаттар болгондуктан, алардын эскилиги жетип калды. Бүгүнкү күндө дыйкандардын колундагы каражаты аз, өндүрүшү чакан болгондуктан техника сатып алууга алы жетпейт. Мындай дыйкандарды техника менен камсыз кылуу максатында биздин департаменттин демилгеси менен Кыргыз Өкмөтүнүн бир катар чечимдери кабыл алынып, "Айыл банк" акционердик коому аркылуу техникаларды лизингге берүү долбоорлору иштелип чыгып, иш жүзүнө ашып жатат. Натыйжада, 2011-жылдан бери дыйкандарга 1699 даана техника лизингге берилди. Анын жалпы суммасы 1 млрд. 790 млн. сомдун көлөмүн түзөт. Лизингдин мөөнөтү 7–10 жылга, пайыздык үстөгү 6 пайыздан 9 пайызга чейин. Дыйкандын өздүк салымы 10 пайыздан 30 пайызга чейин болушу керек.

Чет мамлекеттен келген акча каражатын биз бөлүштүрбөйбүз. Өкмөттүн кабыл алган чечимине жараша Каржы министри Айыл Банкка өткөрүп берет. Бүгүнкү күндө Айыл Банкта 900 млн. сом өлчөмүндө лизинг фонду түзүлгөн. Булардын баары дыйкандарга жумшалат.

## Эски техника бузулса ким жооп берет

Учурда дыйкандар арзаныраак Беларусиядан, Кытайдан чыккан тракторлорду тандап жатышат. Себеби бул тракторлор башка өлкөлөрдөн чыккан техникаларга караганда эки эсе арзан. Ал эми мүмкүнчүлүгү барлар технологиясы жогорку сапаттагы мамлекеттердин техникаларын тандашат. Бул жерде маселе дыйкандын чөнтөгүнө жараша болот.

Жеке ишкерлер мурун пайдаланылган техникаларды алып келишип сата алышпай, сатуу иштерин уюштурууну банкка, бизге сунуш кылышкан. Бирок Айыл Банк өз инструкцияларына жараша пайдаланылган техникаларды алып бербей жатат. "Мурун иштетилген техника эгер бузулуп калса, жоопкерчиликти ким тартат" деген суроо пайда болот. Ооба колдонулган техникалардын баасы арзан, бирок аз убакытта бузулуп калышы мүмкүн. Мамлекетибизде экинчи рынокто пайдаланылган техникалардын сатып-өткөрүү рыногу жакшы өнүгүп жатат. Көп ишкерлер Түркиядан, Япониядан жана башка чет мамлекеттен техникаларды алып келип дыйкандарга сунуш кылып жатышат. Мурун жеңил авто унаа саткандар, эми айыл-чарба техникаларын сатып бизнес кылып жатышат. Бул бизнестин бир түрү болгондуктан биз эч кандай тоскоолдук кылбайбыз", – деди өз сөзүндө Нурлан мырза.

Кандай? Кайдан? Кимден? Айыл-чарба техникаларын сатып алууну ар бир дыйкан-фермер өзү чечет. Болгону шаймандарды сатып алып жатканда алардын мүмкүнчүлүгүнө, заманбап болуусуна жакшылап көңүл буруу сунушталат. Себеби техникалар же жумушту илгерилетет же болбосо артка тартат.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Арыз жазган адам дайынсыз

Медакадемиянын аппарат жетекчиси маркум Абдыкерим Гапаровдун туугандары, баласы жана жактоочусу маалымат жыйынын өткөрдү. Анда алар "Гапаровдун өлүмүнө кимдир бирөөлөр кызыкдар жана бул буюртма болушу мүмкүн" деген пикирин билдирүү менен бирге Башкы прокуратура кылмыш ишин калыстык менен тергеп, сотко өткөрүү талабын коюшууда



## "Тойго барабыз деген акчаны уурдап кетишкен"

Маркум Абдыкерим Гапаровдун тууганы Турдумамбет Жакыпов тууганын өлтүргөн 12 зөөкүр бизди ар кандай каналдар менен коркутуп, үркүтүп баштады деп төмөнкүлөрдү айтып берди: "Бүгүнкү күнү биздин үй-бүлөдө каргашалуу окуялар башталды. Азыр бизде түшүнүксүз суроолор көп. Окуяда 60тан ашкан абышканы 12 киши зордоп өлтүрүп атат. Эми айткылачы, эмнеге алар жанына башка калыс адамдарды алышпайт? Эмне үчүн жардам сурап жаткан адамга академиктер, профессор доктурлар жардам беришпейт? 12 адам гана кабинетке кирип, эшикти сыртынан да, ичинен да жаап алып туруп бир саат бою кыйнашат. Милиция келген убакта баары тең аягына чейин турбай качып кетишет. Эмне үчүн Медакадемияда, кабинетинде өлтүрүлгөн Абдыкеримди ооруканада өлдү деп кабар беришет? Академиянын кызматкерлери бул окуяны билген, көргөн, тарткан сүрөттөрүн бүгүнкү күнгө чейин сыналгыдан, же башка жерден бербей балык болуп отурушат. Же буларга дагы 12 зөөкүр тарабынан кысым көрсөтүлүп жатабы? Кудайдан корккон, ниети таза кишилер элге чыгып, көргөн-билгенин айтып бериши керек. Медакадемиянын кызматкерлери жетекчилиги баш болуп айтып беришсин. Эмнеге кабинетте кап жатат? Аны кандай максат менен алып киришкен? Жалпы кыргыз элине кайрылам, 12 зөөкүр бизге ар кандай максаттар менен, ар кандай каналдар менен коркутуп-үркүтүү ыкмаларын баштады. Онунчу күн болду. 12 зөөкүрдүн бирөөсү келип бир ооз көңүл айтса, Куран окуганга келген кишилерге биз аны өлтүрбөйт элек деп айтышса болмок да. Бирок алар бүгүнкү күнгө чейин келбей отурушат. Күнөөкөрлөрдү мыйзам чегинде тергөө жүргүзүп тиешелүү жазаларын бериш керек. Балким мен айтып жаткан кап менен думуктуруп өлтүрүштүбү? Бир саат бою тополоң чыгып отуруп, анан өлгөн. Эмне үчүн бизге, туугандарына кабар бербей туруп "пара алып жаткан жеринен кармалып, жүрөгү кармап өлдү" деп интернетке жайып жиберишет. Биз эч кимге мындай өлүмдү каалабайбыз. Жыландын баласына да мындай өлүм болбош керек. Анын денеси бүтүндөй көгөргөн. Костюмдагы чөнтөктөрү аңтарылган, кабинеттеги кол каптар чачылган. Милиция келген убакта баары качып чыгып кетишкен. Биз өлкө башчыдан жана элдин астында ант берген 120 депутаттан ушул ишти эч жакка тартпай калыс текшертип, күнөөкөрлөрдү тиешелүү жазага тартып беришсин деп кайрылабыз. Алар адамды өлтүрүп, капчыгындагы тойго алып барабыз деген акчаны уурдап кетишкен. Бул кишилерден жакшылыкты күтсө болобу?"

## "Коррупция менен күрөшкөндөр өздөрү коррупцияны жайылтып жатышат"

**Маркумдун бир тууганы Микрам Ташбеков** Кылмыш процессуалдык кодексинин бүтүндөй жоболору бузулганын мындайча айтат: "Медициналык Академиянын кызматкерлери тарткан 15 мүнөттүк видеотасма бар. Андан сырткары, ошол жерде иштеген кызматкерлер келип: "бул кишиге биз жардам берели, бул жерде эмне окуя болуп жатат" дешсе да алар баарына баш тартып, эч кимди киргизген эмес. Акырында булар "биз тез жардам чакырдык" деп жазып атышат. Бирок тез жардамды алар чакырган эмес. Тез жардамды тосотто отурган милиция кызматкерлери чакырган. Тез жардам келип кардиограмманы көрүп айткандан кийин баары качып кетип калышкан. Эгерде маркум кылмышкер болуп, пара алгандыгы чын болсо аягына чейин отурушу керек эле. Алар да видео тасмага тартыптыр. Биз азыркыга чейин "тартылган видеону бергиле, экспертизага өткөрөлү" деп айтып жатабыз. Бирок булар аны кыла албай жатат. Себеби алардын жүрүш-турушунда Кылмыш кодексинин (УПК) бүтүндөй жоболору бузулган. Бизде ал тууралуу далил бар. Биринчи агамды оперлер кармап жатышат, андан кийин гана тергөөчүлөр кармоодо. Бул боюнча бизде далил бар. Агамдын иш кабинетинде канчалаган өздүк буюмдары жоголгон. Акчалары жок. Мыйзамда, эгер ишкананын ичинде ушундай окуя болсо, мекеменин жок дегенде бир өкүлүн алып келип тинтүүгө катыштырыш керек деп жазылган. Ал жерде эч кандай санкция болгон эмес. Эгерде санкциясы, же далил буюмдары болуп, жасаган иштери мыйзамдуу болсо алар качпашы керек эле. Алар менин бир тууганымды өлтүрүп коюп анан кетип жатышат. Бир саат он мүнөткө чейин кыйнап, кордук көрсөтүшкөн. Денесинин баары көгала болгон. Костюму, ич кийимдерине чейин айрылган. Бүгүнкү күндө бизде көптөгөн ойлор пайда болуп жатат. Башкы прокурор бул ишти өзү алыш керек. УКМКнын ал жерде иш жүргүзүүгө моралдык укугу да жок. Күнөөкөр тергөөчү Субаналиев менен Жакыпбеков Эльдар биринчи жолу бул ишти жасаган жок. Болбосо алар 30 жашка чыкпай жатып кайдагы акчага кымбат жол тандабастарды айдап жүрөт? Алар айлык акысы менен балдарын 3 миң долларлык мектептерге, бала бакчаларга берип жатабы? Бул коррупция менен күрөшөт дегендер өздөрү коррупцияны жайылтып жатат. Биз аза күтүп, бир тууганыбызды жоготуп отурсак, Акипрессттен "Кыргыз Медициналык Академиянын аппарат башчысы пара алып жаткан жеринен каза болду" деп чыгарып жатышат. Эч бир адам соттун өкүмү чыкмайын күнөөлүү деп эсептелбейт. Булар мындай адепсиздиги, мыйзамды билбегендиги жана шалаакы кесипкөйлүгү менен бизди экинчи жолу өлтүрүп жатат."



Ал эми ыраматылыктын уулу Адылбек Гапаров болсо атасынын инфаркт болгонуна көп болгонун, ден-соолугуна абдан жакшы кам көрөрүн жана спорттук көнүгүүлөрдү мыкты аткарарын айткан.

## Арыз ээси жер сурап кайрылган эмес

**Маркумдун жактоочусу Аркабаев Нооманжан** "Бул өлүм буюртма деген сөз бекеринен чыккан жок. Себеби Медициналык Академияда көп жылдан бери орун талашуу, тытышуу, ар кандай ушак-айыңдар чыгып келген. Бул тууралуу ал жердин профессорлору, окутуучулук курамдын өкүлдөрү бизге айтып беришти. Бул интригага жетекчиликтин ордун талашкан адамдардын баары аралашкан жана кызыкдар. Буга чейин УКМКнын кызматкерлери массалык маалымат каражаттары аркылуу Абдыкерим Гапаровду 30 миң пара алып жаткан жеринен кармалды деп далилсиз, негизсиз жарыя кылышкан. Мыйзам боюнча соттун өкүмү чыкмайынча, кылмышкер деп эсептелбейт. Бүгүнкү күнү биз УКМКнын тергөө башкармалыгына кайрылып козголгон кылмыш ишинин материалдары менен таанышып чыгалы деп арыз бердик. Андан бери 5 күн өттү. Арызыбызга эч кандай жооп беришкен жок. Биздин мыйзамдуу талабыбыздан качып жатышат. Демек, бир нерсе болбосо алар өздөрүнүн жүзүн бекитпейт эле. Медициналык Академиянын жамааты, президентке, өкмөткө, Жогорку Кеңешке, Башкы прокуратурга бул маселе боюнча кайрылды. Башкы прокуратурага жогорудагы мыйзамсыздыкты четтетүү, кылмыш ишин өзүнө алуу талабы менен телеграмма жана арыз бердик. Учурда кылмышы иши УКМКнын тергөө башкармалыгында. Алар бизге көрсөтпөй жатышат. Арызды 1987-жылы туулган Бишкек шаарынын мурунку жашоочусу Ипифанов Вячеслав Игоревич жазыптыр. Бирок биз алган маалымат боюнча ал 2010-жылы Орусия мамлекетине чыгып кеткен деген маалымат берилген. Абдыкерим Гапаровго карата козголгон иште "Ипифанов жеке ишкердик кылуу үчүн жер сурап кайрылганда пара талап кылган" деп турат. Бирок Медициналык академиянын расмий жообуна караганда Ипифанов эч качан жеке ишкердик кылуу үчүн окуу жайдын тегерегинен жер сурап кайрылган эмес. Учурда арыз жазган адам да дайынсыз. Алар жактоочулардан бул маалыматты жашырышууда", – деди.



УКМКнын пресс-секретары Абдыкерим Гапаровдун иши учурда Башкы прокуратурада каралып жатканын айтты. Ал эми Башкы прокуратуранын маалымат жана коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн прокурору Нурлан Тагаев бул иш тууралуу төмөнкүлөргө токтолду.

## "Текшерүүнүн жыйынтыгынын негизинде чечим кабыл алынат"

Башкы Прокуратуранын маалымат жана коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн прокурору Нурлан Тагаев бүгүнкү күндө маркумдун иши аскер прокуратурасы тарабынан текшерилип жатканын төмөнкүчө айтты: "Медакадемиянын жетекчиси Абдыкерим Гапаров боюнча бүгүнкү күндө аскер прокуратурасы тарабынан текшерүү жүргүзүлүп жатат. Текшерүүнүн жыйынтыгынын негизинде чечим кабыл алынат. Соттук медициналык экспертиза дайын боло элек. Маркум сабалдыбы же сабалбадыбы мунун баарын соттук медициналык экспертиза бизге дайындап берет. Ал эми экспертизанын жыйынтыгы 1 ай убакытка чейин созулат. Эгерде бир айга чейин берип калса, биз керектүү адамдардан сурап бүткөндөн кийин чечим кабыл алынат", – деди ал.

Эскерте кетсек, үстүбүздөгү жылдын 25-февралында Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын аппарат жетекчиси Абдыкерим Гапаров окуу жайдын аймагында турган күркөнүн ээсинен пара алып жатканда кармалып, ошол жерден жүрөгү кармап көз жумганын УКМКнын Коррупцияга каршы кызматы кабарлаган. 23-февралда жергиликтүү жаран Медакадемиянын аппарат жетекчиси окуу жайдын аймагынан ижарага жер алганы үчүн 30 миң сом талап кылып жатканын айтып, Коррупцияга каршы кызматка кайрылган. Ушундан улам, "Кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу" жана "Пара талап кылуу" беренелери боюнча кылмыш иши козголгон.

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ






# «Британиядан Кыргызстанга ии

**Сыргак Токталиев** билимин улантуу үчүн Британияга кетип, достору менен бизнес ачууга жетишкен. Бирок, ал жактын жыргал жашоосу аны азгыра алган жок. Мекенге салым кошом деген улуу тилек менен жолго түшкөн бизнесин сатып, бул жакка келди. Алгачкы жылы 30 миң доллар, кийинки жылы 15 миң доллар... Жок бул киреше эмес. Бул күйүп кеткен каражаттар. Киреше талыкпаган мээнет, кажыбаган кайрат менен гана келет...

### Алгач күнөскана тууралуу

Мына бул 20 сотка күнөскананы 2013-жылы салганбыз. Биз жаңыдан иш баштаган 2013-2014-жылдары жалаң тажрыйба үчүн гана иштедик. Ал учурларда банкрот да болдук дегендей. Ал эми 2015-жылдан тарта Италиядан күнөсканалар келип, азыр ошолор менен иштеп жатабыз. Бул күнөсканалар эки чоң фура менен комплект болуп келген. Башталышында бир аз кыйынчылыктар болду. Себеби биздин күнөскана Италиядан келген жападан-жалгыз күнөскана. Бул жаатта Италиянын Кыргызстандагы расмий өкүлү биз болобуз. Ал эми жылытуу системасы боюнча Польшалык "ВТС групп" компаниясынын да расмий өкүлү болобуз. "ВТС групп" чоң-чоң өндүрүштүк имараттарды жылытуу жана муздатуу боюнча Европадагы эң чоң компаниялардын бири болуп эсептелинет. Биз аталган компаниядан атайын адистерди чакырып, Кыргызстандагы күнөсканачыларга семинарларды да уюштуруп бердик.

### Багбанчылык өнөр

Чынында өзүм жер иштетүүгө анча деле кызыга бербейм. Бир аз жалкоороокмун. Кыргызстанда деле, Британияда деле окуу, билим алуу менен алек болуп жүргөндүктөн, талаада деле иштеп көргөн эмесмин. Бирок азыркы базар экономикасы багбан болсоң менеджер кылып, менеджер болсоң багбан кылып коёт экен. Мервин Сулкин аттуу профессорум айткандай, хирург же медик дагы аябай күчтүү менеджер болушу керек деген. Бүгүнкү күндө базар экономикасы ушуга алып келип жатпайбы. Ал эми күнөсканаларда болсо тажрыйба менен иштегендерди алып келип, аларды айкалыштырып бир система куруп берүү - биздин биринчи максат.

### Британия менен Кыргызстандын айрымасы

Кыргызстан менен Британияда бизнес баштоонун айырмачылыктары асман менен жердей. Биз ал жакта "Бурана Лимитед" деген компания менен келишим түзүп жатканда интернет аркылуу 15 мүнөттө каттоодон өтүп, Адилет министрлигинен бир жума аралыгында сертификаттар келген. Ал эми Кыргызстанда каттоодон өтүш үчүн тигил жактан справка, бул жактан справка деп чуркап жүрүп шайың оойт. Деги эле бюрократиялык система өтө татаалыраак. Кагаз жүзүндө оңой көрүнгөнү менен практика жүзүндө абдан эле оор болуп калат. Андан сырткары, биздин күнөскана бир комплект болгону менен ал 2 фура болуп келди да. Биринчи фура келгенден кийин экинчиси бир жумадай артта калыптыр. Ошону киргизерде да кыйналдык. "Бул бир комплект болгон соң, чогуу кириши керек" деп биринчи фураны чек арадан өткөрбөй кыйнашты. Кыскасы, тигил жакта компьютерде эле отуруп көп маселелер чечилет.

### Гүлдөгөн Британиядан баткактуу күнөсканага

Ал жакта бардык шарттар бар. Жашоо-турмуш жеңил. Бирок, биринчиден, балдарымдын Кыргызстанда чоңоюшун кааладым. Бул менин эң негизги максаттарымдын бири. Экинчиден, өз элим, өз жерим үчүн кичине болсо дагы салымымды кошкум келди. Он киши болсо да жумушчу орундарын түзүүнү каалаадым. Мен азыркы учурда буга окшогон күнөсканалар өнүгүүнүн үстүндө деп терең ишенем. Келечекте мамлекетибизге чоң-чоң салымдар кошулат. Ошондой эле чет өлкөлөрдөн көптөгөн инвестициялар келет. Ошондуктан биз биринчилерден болуп өнүктүрө баштайлы дедик. Бул күнөсканалардын пайдасы өтө чоң.

### Башка күнөсканалар менен кызматташуу

2013-жылы жаңыдан иш баштап жатканда мен бул жакта болбой калдым. Бул жактагы өнөктөштөрүм иштетип жатышты. Мына ошол алгачкы жылы күнөсканачылар жана алардын катарында биз дагы 30 миң долларга күйдүк. Экинчи жылы болсо 15 миң долларга чыгым болдук. Чынында, бул өтө эле чоң акча. Керек болсо бул акча менен дагы бир күнөскана курсак болмок. Негизи эле азыр бардык күнөсканачылар, же дагы башка бизнес менен алектенгендер өзүнүн жеткен ийгиликтери, тажрыйбасы менен бөлүшкүсү келбейт экен. Булардын аң-сезими ушуга калыптанып калат окшойт. Мындайча айтканда, бири-бири менен алака жок. 2015-жылы биз келип күнөсканаңы кургандан кийин агрономдорго барсак, алар эч нерсе айтышпайт. Ошону менен биринчи сезондо тилекке каршы, киреше ала албай калдык. Себеби бизде тажрыйба такыр эле жок болчу да. Дыйканчылык бизге ата-бабаларыбыздан калган кесип эмес. Мисалы, малды катыра багабыз. Саяпкерчилик менен мүнүшкөрчүлүктү жакшы өздөштүргөнбүз. Бирок, азыркы күндө базар экономикасы жер менен иштешиңер керек деп жатпайбы. Багбанчылык дагы акырындап келчү нерсе.

Ошону менен биз күнөсканаларды кыдырдык. Аябай көп күнөскана бар экен. Иштеп жатканы бар, иштебей турганы бар дегендей. Бирок, кимисине барсак да тажрыйбасын бөлүшкүсү келбейт. Биз алардын баарысы менен кызматташып турабыз деп телефондорун жазып алдык. Чынында, кандай кылсак да күнөскана иштетүүнүн









# штейм деп келдим»

сырларын бөлүшкүлөрү келбей турушту. Билип алса ал да кыйын болуп кетет деген түшүнүк менен бири-бирибизге көмөк көргөзбөйт экенбиз. Мына ошондо бизге аябай жакшы ой келди. Баарыбыз кеңешип туруп WhatsApp гуппасын түздүк. Бул группада күнөсканачылар, агрономдор кошулуп 150дөн ашык киши бар. Андан кийин "күнөсканаы кантип куруу керек, ичин кантип жылытуу керек" деген темаларда (ЖИА) Жаш Ишкерлер Ассоциациясы менен семинарларды байма-бай уюштуруп турдук. Жогоруда айтылган группадагы күнөсканачыларды чогултуп, күнөсканачылардын ассоциациясын түзүү боюнча атайын жыйын өткөрдүк. Ассоциациябыздын атын дүйнөлүк тил болгондуктан англисче United Kyrgyz Greenhouses (UKG) деп, кыргызча айтканда Бириккен Кыргыз Күнөсканалары (БКК) деп атадык. Анткени өндүрүмдөрүбүздү жеке эле биздин региондо эмес, алыскы батыш өлкөлөрүнө да чыгарууну көздөп жатабыз. БККны түзүүнүн негизги максаты бардык күнөсканачыларды бириктирип, чогуу иш алып баруу да. Ошондуктан жакында Караколго да барып келдик. Мамлекет менен да тыгыз иштейбиз. Башка өлкөлөрдөн атказчилик аркылуу бир нерсе келе турган болсо, биздин ассоциациядан коомдук кеңешчи дайындалып мамлекеттик тиешелүү кызматтар менен аларга бөгөт коёт. Биз Орусия менен Казакстанды бир гана органикалык багыт менен багынтсак болот. Аз өндүрүм чыгарабыз, бирок сапаттуу чыгарабыз. А сапаттуу өндүрүм сапатсызга караганда эселеп-эселеп кымбатыраак бааланат.

## Өзүбүздүкү пайдалуу дегенди билсек

Эсептеп көрсөк, Кытай менен Казакстандан болжол менен 90% жашылча-жемиш Кыргызстанга кирет. Себеби биз анын ордун толтура албай жатабыз. Жашылча-жемиштеди өстүрө албай атабыз. Биздин өлкөдө күнөскана жетиштүү эмес. Алардын санын жана сапатын көбөйтсөк гана биз өзүбүздү-өзүбүз камсыздай элек. Биз качан өзүбүздүн базарды камсыздагандан кийин гана экспортко чыксак болот. Азыркы учурда сырттан ушунчалык көп бадыраң, помидорлор, ашкабактар кирүүдө. Алардын химиялык жол менен алынган азыктары биздин генофондго катуу залакасын тийгизүүдө. Эмне себептен жаңы төрөлгөн балдар сүт ичсе сүткө аллергия, күнгө чыкса күнгө аллергия боло берет? Ушунун баары тең Кытайдын товарларынан кесепетинен. Биз жаш ишкерлер ошолорго бөгөт коюшубуз керек. Кытайдын товарларынын такыр эле кирбесин дебейм. Болгону элибиз туура тандаганды билишин каалайм. "Кытайдын зыяндуу азыктары арзан, жергиликтүү азыктар пайдалуу, бирок кымбатыраак" деп тандаганга аң-сезимдерди көндүрүшүбүз абзел. "Жергиликтүү өндүрүмдү сатып алуу менен өзүбүздүн ишкерлерди колдойм. Анткени бул ишеничтүү" деген ой менен Кытайдын уулуу жемиштерин албай койсо эле товар өзүнөн-өзү кирбей калат. Себеби ага да суроо-талап болушу керек да.

## Музыка жакшы өсүүнүн себеби

Эң биринчи пландардын бири жогоруда айтылган ассоциацияны өнүктүрүү, Кыргызстандагы бардык күнөсканачылардын башын бириктирүү жана алардын санын көбөйтүү. Чынында, күнөсканаы тургузуп, куруп коюш оңой. Биз дагы алгач жарым гектарлык күнөскана курганда өтө чоң иш бүтүргөндөй сезилген. Көрсө, аны иштетүү андан да чоң иш экен. Биринчиден, өтө чоң тажрыйба керек. Экинчиден, өсүмдүктөр кудум жаш баладай назик келет. Бат эле ооруп калат. Оорулары бир-бирине тез жугат. Желдетүү системи да бир калыпта болушу керек. Айтмакчы, өсүп жаткан өсүмдүктөргө күнүнө классикалык музыкалардан коюп берип да турабыз. Жагымдуу музыка – өсүмдүктүн жакшы өсүүсүнүн бирден-бир себеби десек болот.

АЛЫМБЕК БЕКТУРГАНОВ



# Жалкоолук адамды карытат, эмгек адамды байытат

Жалкоо киши акылын иштеткенден да эринет. Жашоодогу болуп жаткан нерселерге ой-жүгүрткүсү келбейт. Өзүнүн милдетин толук аткарбайт. Өзүн кыйнагысы келбейт. Напсине баш иет, эрксиз болот. Көп уктайт, убактысын уйкуга уурдатат. Ден-соолугу ордунда болбойт, ооруйт. Курсагы тойбойт, күндөрү эптеп-септеп өтөт. Ар кандай ишти жасоодо аягына чыгарбайт. Арамза болот. Башкарганды, көп сүйлөгөндү жакшы көрөт. Ошондуктан мындай адам жаман сапаттарды өзүнө топтоо менен адамдардын арасында сыйурматка татыктуу болбойт, кор болот. Жалкоону эч ким жактырбайт жана анын орду жок болот.

## Бактысыздыктын себеби

Жалкоолук адамды ааламга терс көз айнек менен каратат. Болуп жаткан ар кандай маанилүү окуяларга көңүл кош кылып коёт. Турмуштагы багытын туура эмес жакка бурат. Максатына жетүүгө тоскоолдук жаратат. Жоопкерчиликсиздикти пайда кылып, жакырчылыкка түртөт. Адамды бактысыз кылат.

## Жалкоолуктан арылуунун жолдору

**1. Стандарт план менен иш жүргүзүңүз**

Күнүмдүк аткара ала турган иштерди гана мээге жүктөңүз. Ашыкча ойлор, жумуштар мээде орун алса адам чарчап, эч нерсе жасагысы келбей калат.

**2. Эмнеге кызыгарыңызды аныктап алыңыз**

Окууга тапшырууда же болбосо кандайдыр бир жумушка орношууда ал нерсе сизге ыңгайлуубу, жагабы, кызыгасызбы, улантып кете аласызбы ойлонуп тандаңыз. Себеби адамда кызыгуу болбосо эч качан аракет да, ийгиликке жетүү да болбойт.

**3. Конкреттүү максаттарды коюңуз**

Ишке ашырууга көзүңүз жеткенчелик максаттарды коюңуз. Бош убакыт болтурбаганга аракет жасаңыз. Максаты бар адам тынымсыз изденүү, өнүгүү, кыйынчылыкты жеңүүнүн арасында болот.

**4. Эс алууну унутпаңыз**

Күндө 24 саат болсо, 24 саат бою иштеп отура бербеңиз. Убагында уктап, убагында тамактанып, убагы менен иштериңизди бүтүрүп, тыныгуу жарыялап туруңуз. Эс алуу менен адамда бир нерсеге кызыгуу пайда болуп, энергиясы ашып, максаттуу ишке түшөт. Адам баласы эмгеги, мээнети аркылуу бакытка жетет.

**5. Жалкоолугуңуздун себебин табыңыз**

Эмне үчүн азыр жасабашым керек? Эртеңкиге калтырсам жыйынтыгы кандай болот? Эмне жоготом да, эмне табам? Ойлонуп көрүп жообун тапсаңыз өзүңүз эле арылуу жолуна түшөсүз.

**6. Жаңылып калуудан коркпоңуз**

Суроо берүүдөн эч качан тартынбаңыз. Жалкоолуктун бирденбир себеби да тартынчаактык. Тартынып, азыр мен суроо берсем, же сүйлөсөм туура эмес болуп калсачы, андан көрө кийинкиде айтам деп ичиңизге катып койбоңуз. Себеби кийинкиде деген сөз "эч качан" дегендик. Ал сиздин жеке пикириңиз. Ар кимдин жеке ою болот, аны колдоно турган учурунда колдонуп калуу керек.

**7. Ийгиликке жеткен соң, өзүңүздү кубантыңыз**

Бир чоң тоскоолдукту жеңип өткөн болсоңуз, өзүңүздү-өзүңүз сыйлаңыз. Каалаган жакшы көргөн нерсеңизди жасаңыз. Кыскасы, шүгүр келтириңиз. Бул менен сиз кийинки иштериңизде да ийгиликке жетүүгө өбөлгө түзөсүз.

**8. Эртеңки жасай турган иштериңизди жазып коюңуз**

Эртең каякка барышым керек, эмнелерди сөзсүз жасашым керек? Булардын жообун кыскача тизмектеп кагазга жазып, илип коюңуз. Жазылган нерсе мээде сакталып калат да, эртеси күнү аны карабасаңыз деле аткарган болосуз.

### Жалкоолук жана эмгек тууралуу

**Авл Корнелий Цельс:** *«Жалкоолук денени кучсуздөндүрсө, эмгек бекемдейт: биринчиси – тез картаюуга алып келсе, экинчиси – жаштыкты узартат»*


**Фукдид:** *«Кедейлик уят эмес, андан эмгек менен кутулууга умтулбагандык уят»*

**К.Д.Ушинский:** *«Эгер силер эмгекти туура тандап, ага бүт жан-дүйнөңөр менен берилсеңер, бакыт өзү силерди издеп келет».*

Даярдаган АЙНАГҮЛ КУДАЙБЕРДИЕВА

# Караңгылыкты жек көргөн Салижан агай

Кыргыз маданиятына өлбөс-өчпөс из калтырган чоң жазуучу, драматург, сынчы, куудул, котормочу, илимпоз, элчи, коомдук жана мамлекеттик ишмер, деги бүтүндөй тулкусу менен энциклопедияга айланган адамдын өмүрү, өмүрдө калтырып кеткен изи акыл-эси бар ар бир кыргыз жараны үчүн түгөнбөгөн кенч. Рубрикабыздын чакан форматы легендага айланган инсандын эли үчүн кылган бир күндүк кызматына да чак келбейт. Эмесе сөз оролу башынан болсун...



## Орусчаны китептен үйрөнгөн

Кыргызда "Атадан айрылмак абалтадан, энеден айрылмак эзелтеден" деген накыл кеп бар. Туура мындан он жыл мурун, 11-февралда кыргыз эли өзүнүн дагы бир мыкты уулун ээсине берген эле. Калк кадырманы болуп, айта турган насыяты, бере турган акылы толуп-ташып турган кезде калың кыргыз менен коштошуп, оо дүйнөгө сапар алып жөнөп кетти. Артында өзүн жоктоп мөгдөгөн, сөзүнө моокуму канбаган эли кала берди. Бирок, арадан канчалаган айлар билинбей өтүп, жылдар алмашып жатканы менен Салижан агайыбыз дале да болсо тирүү жүргөндөй сезилет. Адамдын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт демекчи, анын учкул кептери Ала-Тоо койнун аралай чаап, кыргыз көңүлүн уялап жүргөнү-жүргөн.

Айтмакчы, бул инсандын башкалардан айрымасы элден башкача ой жүгүртүп, айткан кеби чучукка жетчүдөй курчтугунда эле. Кызы Салиманын атасы тууралуу: "Бир дагы орус жашабаган айылда кичинекей бала орус тилин жалаң гана китептен үйрөнүп алган. Ошондо эле анда интелигенттүүлүк менен жөндөмдүүлүктүн белгилери байкалган экен" деп айтканы бар.

Эхх, жарыктык! Бүгүн көзү тирүү болсо 80 жашка толмок. 1936-жылы Ош облусунун Өзгөн районуна караштуу Көлдүк деген айылда жарык дүйнөгө келип, айылдык китепкананын китептерин 5-класcында бүтүрүп салган. Кийин Бишкек шаарындагы №5 мектепке окууга киргенде китептердин көптүгүнө, айрыкча, орус тилиндеги китептердин көптүгүнө сүйүнгөн. Эмгек жолун айылдык мектептин мугалими катары баштаган. Кийинчерээк Кыргыз илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун кенже илимий кызматкери, кийинчерээк сектор башчысы болуп эмгектенген. Бир канча жыл Кыргыз улуттук университетинде студенттерге сабак берген. 1984-жылы Кыргыз ССРнин илим, техника жаатындагы мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болгон. Көп томдуу кыргыз-совет энциклопедиясын чыгарууда өзүнүн салымын кошкон. Ошондой эле ал экономика жана юриспруденция боюнча кыргызча-орусча сөздүктүн автору эле. Өмүрүнүн акырына чейин Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде мугалим болуп эмгектенген.

## Чыгармачылыгы тууралуу

Чыгармачылыгы тууралуу кеп кылсак, көркөм чыгармачылыкты ыр жазуудан баштаган. Анын ырларын окуган адам кереметтүү терең лириканы сезбей койбойт. Бир канча ырлар жыйнагы бар. Котормочулукта чеберлигин көрсөтүп, Назым Хикметтин, Мустай Каримдин, Антуан де Сент Экзюпери жана башка классиктердин чыгармаларын кыргыз тилине оодарган. А.С.Пушкиндин "Балыкчы жана балык" тууралуу жомогун которгону үчүн 2009-жылы КР Өкмөтүнүн балдар адабияты жаатындагы премиясы берилген. Бардык жанрдагы китептерди кызыгып окуган. Орус тилинде да жазгандары көпчүлүктүн кызыгуусун туудурган. Салижан агайдын жазгандарын орус тилдүү окурман журт да сүйүп окуган. Көп тил билүү жагынан кыргыз интелегенттеринин ичинен алдына киши салган эмес. Түрк, башкыр, өзбек, казак, татар тилдерин өтө мыкты билген. Досу Ишенбай Абдразаковдун япон, англис тилдерин мыкты билгенине бөтөнчө суктанчу. Ошондой эле Салижан агай белгилүү жазуучу, прозаик катары да, адабият таануучу катары да, сынчы катары да белгилүү эле. Көптөгөн илимий монографияларды, илимий, адабий-сын макалаларды жазып, интеллигент журтчулугун ойго сала алган өзгөчөлүгү аны көпчүлүктөн бийик кылып турган. Ал эми адабий жанрдын эң татаал жанрлары катары саналган пародия, юмор, саясий сатираны өтө чеберчиликте жарата алган. Анын ой жүгүртүүсүнүн масштабы өтө кенен болуп, ак менен караны ажыратууда көркөм сөз каражаттарын шурудай тизмектеп, чыгарманын ажарын ачкан.

Токтосун Самудинов акыныбыз: "Жүрүмтуруму, кийингени, сүйлөшкөнү өтө жөнөкөй болчу. Президент болобу, министр болобу, же көчөдөгү жөнөкөй адам болобу бардыгына бирдей мамиле кылчу. Салижан агай караңгылык менен эки жүздүүлүктү жининдей жек көрөр эле. Ата Мекендин эң уяттуу, ак ниет уулдарынын бири болгон. Кыргызбайчылык, жарма-патриотизмди жининдей көрчү. Мен аны өңү кубарган Ата журтубуздун бетиндеги кичинекей кызарган жери деп айтар элем", - деп эскергени бар.

Салижан Жигитов кыргыз дегенде ичкен ашын жерге койгон патриоттугу, мекенчилдиги менен башкаларга үлгү боло алган. Ар дайым кыргызчылыктын айрым бир туура эмес көрүнүштөрүн аёосуз сынга алган. Кашайта айткан сындары үчүн аны айрымдар: "Бул кыргыз эмес, мунун түбү калмак. Калмактар эч качан кыргыздарга жакшылык каалабайт" дегенге чейин барышкан. Салижан агайдын кыргыздарды сындаганы ар-намыстуулукка чакырып, кыргыздар да дүйнөнүн башка элдериндей алдыңкы элден болсун дегени гана болчу. "Эгер башка улуттан, мисалы, орус же башка улуттан бирөө кыргызды мендей сындаса, аны улутчул деп күнөөлөмөк. Мен кыргызды тилдесем, кыргыз оңолуп-өссүн деп ийги тилек менен сындап, тилдейм", - деп айкандары көпчүлүктүн дале да болсо эсинде.

## Салижан агайдын учкул ойлору

**"Биздин бийлик чындыктын тили менен сүйлөмөйүн абал оңолбойт!"**

**"Багы жок элдин баатыры көп!"**

**"Бактысыз экенин билбеген элден бактылуу эл жок!"**

**"Кыргызга орусча айтпасаң ишенбейт!"**

**"Кыргыз туулса да азап, катын алса да азап, өлсө да азап!"**

**"Кыргызчылык, той-аштарга барбаганымда дагы көп эмгек жасамак элем..."**

**"Кыргыз китеп жазса эле тарыхта калам деп ойлойт"**

**"Кыргыз микроб сыяктуу, кирген эле жерин чиритет"**

**"Биздин интеллигенциянын көзү желкесинде болуп атпайбы, көз деген маңдайда болуш керек"**

**"Колунан иш келбеген киши улутчул болот"**

**"Кыргыз кыздардан Оруска" тиесиңби?" десең, "Тийбе-йм!" деп так секирет. Орус мени алабы деп ойлобойт"**

## Шуулдаба теректерим...

Эл арасында обонго салынып, эл сүйүп ырдап жүргөн лирикалык ырлардын ичинен "Элегия" аттуу ырына токтоло кетүүнү туура көрдүк. Анткени бул ырдагы символдук образ жан дүйнөнү турмуштук чындыкты, терең лириканы уялатат. Бул чыгарманы окуганда туулган айлың, ата-энең, коюндаш өскөн бир туугандарың, моюндаш өскөн досторуң эске түшөт. Өмүрүң бул дүйнөдөн өтүп кеткен күндө да, теректер жел ыргагына термелип, сенин бул дүйнөдө кантип, кандай жашап өткөнүңдү даңазалап тургансыйт.

## ЭЛЕГИЯ

*Үйгү-түйгү шамалдуу күз түнүндө*
*Уктай албай кыйналам чоочун үйдө.*
*Теректери шуулдап шоокум салат*
*Терезеден калдайган тоо түбүндө.*
*Жалбырактар жабыла үн чыгарып,*
*Жаны тынбай күйүттүү күү чыгарып*
*Шуу-шуу этет качырып үйкү кушун,*
*Шуу-шуу этет көңүлдүн тынчын алып.*
*Шуулдаба, терегим, теректерим,*
*Шуулдасаң, эсиме келет менин:*
*Өткөн күндүн өчүңкү элестери,*
*Өмүрүмдүн өкүттүү белестери.*
*Шуулдаба, терегим, теректерим,*
*Шуулдасаң, ыйлагым келет менин...*
*Тоо койнунда кысылган кыштагымда,*
*Там-ташы бар түзөңдүн төш жагында*
*Турар эле шуулдап миң түп терек*
*Тигип койгон атакем жаш чагында.*
*Оо, мен анда бактылуу бир баламын,*
*Оюн, күлкү, көпөлөк - уулаганым.*
*Уктаганым байкабай калар элем*
*Угуп жатып теректер шуулаганын,*
*Убайымдуу алдейлеп ырдаганын.*
*Шуулдаба, терегим, теректерим,*
*Шуулдасаң, ыйлагым келет менин...*
*Каргадайдан бирге өскөн моюндашып*
*Кайран агам экөөбүз коюндашып*
*Уктап жатсак, теректер ойготчу эле*
*Желбиреген жел менен шыбырлашып,*
*Жашыл көркүн жай гана шуулдатып.*
*Шуулдаба, терегим, теректерим,*
*Шуулдасаң, ыйлагым келет менин...*
*Апам өлүп, артынан атам ооруп,*
*Айыкпаган дартынан каза болуп,*
*Ошондо да теректер шуулдаган*
*Коштошкондой көрүнөө капа болуп,*
*Кошок айтып жаткандай созолонуп.*
*Шуулдаба, терегим, теректерим,*
*Шуулдасаң, ыйлагым келет менин...*
*Өтүп барат бул заман зуулдаган,*
*Өтүп барат зуулдап улуу заман,*
*Кайрандарым, а силер жатасыңар*
*Терек муңун түйбастан шуулдаган.*
*Кадиги жок болсо да бир өлүшүм,*
*Кайсы күнү өмүрүм түгөнүшүн*
*Капарга албай жүрөмүн, кайрандарым,*
*Терек күүсүн эшитип силер үчүн.*
*Шуулдаба, терегим, теректерим,*
*Шуулдасаң, ачышып каректерим*
*Шуу үшкүрүп ыйлагым келет менин!..*

Даярдаган ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

# Баары сенин колуңда



Чоң айылдын жанындагы бөксө тоодо ээн үй турар эле. Мына ошол үйгө кайдан-жайдан бир аксакал көчүп келип туруп калды. Алгач анын ак чепкени менен ак топусу аны алыстан ак караан кылып көрсөтүп, элдин көңүлүн бурганы менен эч ким каттачу эмес.

Аксакалга оболу ээн тамды эрмек кылып ойногон тестиерлер жакындашты. Алар аксакал менен баарлашып, үйүр алышкан соң, анын кеп-кеңешин угуп, жүрүм-турумдары оңоло баштады. Бара-бара балдарындагы өзгөрүүнү байкаган ата-энелер да аксакалдын акыл-насааттарын угуп, кулак төшөп келчү болушту. Ошентип бир жыл өтүп-өтпөй, улуу-кичүү дебей элдин баары аксакалдын зыяратына бара башташты.

Ошентип келгин аксакал элдин ыраазычылыгына татып, кутуна айланды. Үй-бүлөлөргө тынчык орноп, айылдаштар бири-бирине сылык-сыпаа мамиле кылганга өттү. Бул арада айылдын берекеси артканы да кадимкидей билинди. Анткени менен, ушундай аксакалга наразы болгондор да бар болчу. Айрыкча, айылдын чок ортосуна оюн-зоок борборун салып, байып жаткан карасакал ага өтө наразы болуп жүрдү. Анын өз аты өчүп «карасакал» атанганы да ошол күтүрөгөн ишкердигине тиешелүү болчу. Илгери бир айылдаш көпөстөр дааватка чыгып, анын саунасына келбей баштаганын байкаары менен иштин чоо-жайын билиш үчүн молдокени ээрчип өзү да уч күнгө барып келе койгон. Ошондон кийин дароо сакал коё салып, жаңы мончо сала калды да, баягы көпөстөр менен мурункудан да жакын болуп кетти. А баягы арак-шарап саткан дүкөнүн, караоке-кафесин, саунасын иниси иштетчү болду. Кыскасы, түз жолго түшкөнүн өзү, адашып жүргөндөрдү иниси «жайлап» дегендей, бардык тараптан пул баса баштаган.

Мына ошентип дуулдап, байлыкка марып турганда капкайдагы аксакал келип, кирешесин кадимкидей кап ортосуна чейин азайтып таштады. Анан калса, элдин сүйлөгөнү эле ошол. Кандай суроо болбосун, кандыра жооп берерин айтып эле тамшанып жүрүшкөндөрүчү…

Бир күнү карасакал ээнсирей түшкөн мончосун бир карап, инисинин саунасын бир карап башы катып отурган. Аңгыча эле оюна коңшусунун «Суроонун баарына жооп берет» деп тигил дөбөдөгү карыяны мактап отурганы эсине келди. «Машаяк болуп кеткен го тим эле» деп кыжынып алды, алгач. Ошентип отуруп «бул балакетти так ушул жеринен кармайын» деп чечти. Ошол түнү менен барып, тамынын чатырына чыгып, бактектин балапанын кармап түштү. Оюнда өзүнчө кымыңдап кубанып алган. Өзү тапкан немеге өзү маашыр болуп, оюндагысын алда немедей сыр кылып эч кимге айтпай кудуңдап жүрдү.

Ошентип күткөн таңы да атып, кудуңдаган бойдон дөбөгө жөнөдү. Оюнда бүт айыл мактаган даанышманды сындырып, бир моокумун кандыргысы келип барат. Ал тургай кыялданып да алган. «Хе аныңар бир дөөрүгөн неме экен. Бир суроо берсем, жооп бере албай тантып калды» деп айылдаштарына мактанып отурганын эстегенде тим эле төбөсү көккө жетчүдөй кубанат. Ошентип кымыңдап, эки аттачу жерди бир аттап антаңдап жүрүп дөңдөгү үйгө учуп жетти.

Барса, карыя адатынча сүкүт тартып, ой басып отурган экен. Антаңдап кирген немени жылмая тосуп алып, орун бошотуп төргө отургузду. А берки анын жанында жыргап отура алмак беле. Котур ташын койнуна катып, кара ниет менен келген немени туш тарабынан шайтаны түрткүлөп тынч отура албай койду. Акыры эртерээк максатына жетип, эли-журтка мактангысы келген неме жай отуруп ал жай сурашканга да жарабай суроосун бербей болду. Баягы араң жан дем алып, бүлкүлдөп турган кызыл эт балапанды жакшылап колуна билдирбей бекем кармады да, карыяга суроосун берди.

– Ии, аксакал, сизди даанышман, акылман деп эле угам. Андай экенсиз бир суроомо жооп бериңизчи. Азыр мобу колумда турган неме өлүүбү, же тирүүбү?

Чынында, мунун оюнда анык арамдык жаткан болчу. Араң кыймылдап турган балапанды бекемирээк бир мыжыкса, оозунан кан-жини атып мүрт кетип тынмак. Буга бөркүндөй ишенген кургур «эгер азыр тирүү десе мыжыгып салайын да, калпын чыгарайын. Өлүү десе алдына ушу тирүү бойдон коё салып абийирин төгөйүн» деп кудуңдап турган. Бирок, актык келгенде арамдык, жарыктык келгенде караңгылык көчө качат демекчи, бул жолу да даанышмандык, акылмандык кара ниеттикти жанча тебелеп, чөгөрүп өтүп чыкты…

– Баары сенин колуңда, – деди карыя эч кебелбей туруп гана. – Улум, баары сенин колуңда. Сен кааласаң өлөт, кааласаң жашайт.

Карасакал элейип гана отуруп калды. Ал тургай колунда турган балапанды да унутту. Бүлк-бүлк эткен балапан абадан кере-кере дем алып капталында жатты. Аксакал болсо ушул гана күндү күтүп тургансып, эртеси күнү белгисиз жакка сапар тартып кетти. Ошо күндөн тартып баягы карасакалдын сакалына ак түшө баштаган дешет айылдаштары…

# Жоомарттык жана сараңдык



Бир күнү бала-чакасына нан таба албай калган бечара бай коңшусунун каалгасын кагып:

– Өтө кыйын акыбалда калдым. Жумушум да жок. Балдарым да ачка. Эптеп бир жардам кылыңызчы! – деп мүңдүү улутунду. Муну көргөндө бай коңшунун өңү кубарып, чекеси тырышты.

– Ээ, тууганым, кийинки учурларда негедир иштерим жүрүшпөй калды. Баягыдай киреше да жок. Мени жаман көрбө. Эптеп өзүң бир айла тапчы, – деп акырын чыгарып койду.

Ошону менен бала-чакасына азык таппай ачарчылыктан мөгдөгөн байкуш айласы кетип туш келди темселеп жөнөдү. Өзүнөн-өзү чүнчүп, түбү жок ойго баткан неме кандайча болуп өзү сындуу жакыр досунун үйүнө бет алганын да байкабай калыптыр. Мунун акыбалын турган турушунан эле байкаган досу:

– Оо, досум кел. Жүр, үйгө кир, – деп үйүнө киргизди.

– Ээ, досум, жокчулук жоо болуп, минтип жинди немедей каңгып жүрөм. Үйдөгү ачкадан эки көзү төрт болуп, мени күтүп отурган балдарымды ойлосом, жер үстүнө батпай кетем. Аларга нан аларлык акча таба алар эмесмин, – деди заманасы куурулуп. Мунун түрүн көрүп жаны кейиген досу, өзү деле араң жашаганына карабай, төркү бөлмөсүнөн болгон бырырын алып чыгып, досунун уучуна салып берди.

– Ме, досум. Жараткан эч кимди тарчылыкка учуратпасын. Биз экөөбүзгө эмне. Жечүбүздү жедик, иччүбүздү ичтик. Жокчулукка да, ачкалыкка да чыдайбыз. Бак аралап кабык жесек да, талаа кезип тамыр жесек да ачтан өлбөйбүз. Ал эми кичинекей балдар биздей эмес. Аларга азык бербесең ооруп калышы мүмкүн. Андан көрө тезирек жөнөгүн да, мобул акчага бир нерсе алып, балдардын курсагын тойгуз, – деди. Колуна азын-оолак акча тийген бечара төбөсү көккө жетчүдөй кудуңдап өрөпкүп кетти. Ушу болбогон акчага көңүлү көтөрүлүп, ааламда жок бактылуу сезип кудуңдап алганычы. Көзүнө сыгыла калган буурчак-буурчак жаштарын сыгып туруп, досуна алкыш айтты да, базарды карай учуп жөнөдү. Ошо күнү балдарын тоюнтуп алып санаасы тына түшкөн кургур кечке чейин шайдоот жүрүп, кечке маал төшөгүнө жатып мемиреп уктап кетти.

Бирок, ошол эле учурда баягы таш жүрөк коншуна кымбат баалуу мамык төшөгүндө тынч уктай албай, чабалактап жатты. Анан калса, түшүнө да укмуштай нерселер кирип эсин оодарды. Тигине, тээ көк асманда эли-журттун баарын суктандырган эки кан сарай турат. Туш тараптан каалгый учкан периштелер сарай ээлерин канаттарына отургузуп алып жылдыздарды аралатып учуруп, укмуштуудай жерлерге сейилдетип жүрүштү. Ошондо көзү кычыша кеткен алиги бай:

– Мен бул сарайларды сатып алгым келип жатат. Мунун ээси ким? – деп сурап жиберди.

– Бул сарайлардын экөө тең тээ тиги кедейдики. Кечөө кыйналган бирөө келип андан бала-чакасын тойгузуш үчүн тыйын сурады. Ошондо ал колунда болгон тыйынын берип, Жараткандын арзуусуна ээ болуптур. Мына эми ал ушул турган сарайларды сыйлыкка алып отурат, – деген жооп айтылды.

Ошол бойдон ичи ачышып, кан сарайларга жетпей кызаңдап жүрүп ойгонуп кетсе, өз төшөгүндө эле чабалактап жатыптыр. Шумдуктуу түштөн улам умачтай көзү ачылган неме ордунан ыргып туруп, баягы кедей коңшуга барды. Андан кечээ кимден жардам алганын сурап алып, айтылган кедейдин дареги менен жөнөдү.

– Кечээ сенден акча сурап келген немеге канча бердиң эле? Бол батыраак айт. Канча десең ошончо берейин. Жо мен андан да көп берем. Эки эсе берем. Бол эми айта кал, – деп капчыгын кармалады. Жоомарт кедей байдын башынан-аягына чейин карап туруп, мындай жооп кайтарды:

– Жок, досум. Антпей тур. Түндө сен көргөн түштү Жараткан мага да көрсөттү. Мен сен берген акчаны алган күндө да, ал сарайды сен ала албайсың.

– Сен алганды эмнеге мен ала албайт экем? Кайдагыны айтпасаң сен!

– Досум, мен жардам берген кезде тек гана Алланын ыраазычылыгын ойлодум. Сен болсо бул акчаны мага Алла үчүн эмес, сарайга ээ болуш үчүн берип жатасың, – деди берки адам. Ошондо айласы кете түшкөн кургур бай эмне дээрин билбей сендиректеп туруп калды…

# Тили кесилип, дили туңгуюкка кептелген Түркия

Жаңы авторитардык багыттар «эрдоганизм» жана «путинизм» деп атала баштады. Бирок бир чоң айырма бар. Путинизм башка өлкөлөрдүн ички саясатына таасир берсе, эрдоганизм Түркиянын ичиндеги зулумдукка баш ийбегендердин мал-мүлкүн тартып алууга жана өзүм каалагандай жашайм дегендерди жок кылууга гана жарап турган кези



## Батыш лидерлери менен ЖМКсы уттурууда

Америкалык кээ бир серепчилер АКШдагы президенттик атаандаштыкта эң таасирлүү саясатчы Путин деп жазышууда. Анткени республикачы талапкерлердин алдында келе жаткан Дональд Трамп Путинди жерге-сууга тийгизбей мактап келет. Демократтар үмүт арткан Хиллари Клинтон айым болсо, тетирисинче, орустардын лидерин сынга алууда. Ушундан улам, азыр бийликте турган демократтардын илебине кирген «Би-Би-Си» Путинди коррупционер катары көрсөткөн тасма да чыгарып жиберди.

Анжелина Жоли негизги каармандын ролун аткарган «Солт» аттуу көркөм тасмадагыдай, Европада орустарга жан тарткан партиялар жана алардын популист лидерлери бул аймакта таасирдүү күчкө айлана баштады. Францияда Марин Ле Пен, Англияда лейбористтердин лидери Жереми Корбин карапайым элдин сириялык качкындарга каршы сезимдерин козутуп, күн санап тарапкерлерин арттырып келет.

Путиндин ички жана сырткы багытталган үгүт арабасы эмне үчүн мындай таасирлүү болууда? Биринчиден, Орусияда Владимир Путиндин саясатына каршы тура алгандай бир да Жалпыга маалымдоо каражаты (ЖМК) калган эмес. Экинчиден, Орусия лидери ЕАЭБ, ШОС жана башка уюмдардагы өнөктөштөрүнүн бири менен да кеңешпей, эч ким күтпөгөн кадамдарга баруусу, мындай чечкиндүүлүктү сагынып калган европалыктарга жагып жатат. Үчүнчүдөн, интернеттеги коомдук тармактарга ар кандай аттар менен кирип алган тролдор (бир адам ондогон адамдын атынан жазуусу) аркылуу башка өлкөнүн саясатын багыттай баштады. Төртүнчүдөн, Батыш мамлекеттеринин арасына жик сала турган партияларды ачык жана тымызын колдоо. Албетте, батыштык шайлоочусу колдобогондо Орусиянын мындай аракеттери таш капмак. Демек АКШ менен Европанын карапайым эли өкмөттөрү даңазалап алган демократияга татыксыз болуп, башка өлкө лидеринин популисттик аракеттерине алданууда. Батыш лидерлери менен ЖМКларынын коомун жетектеп багыттабаганы, аналитикалык ой жүгүртүүдөн алыс элинин жетегине кирип кетүүсү буга негизги себеп болууда.

## Эрдоган Путиндин изин кууй алабы?

Владимир Путин да өз жолун убагында атаандаш ЖМКлардын оозун басып, Экинчи Чечен согушуна киришүү менен баштаган. Учурда Түркиянын президенти Таййип Эрдоган устатынын аркасынан жазбай басып бара жаткан сыяктуу. Ал дагы өзүнө каршы келген ЖМКларды биринен сала бирин тартып алып, өзү каалагандай сайратып жаткан кербези. Күрттөр жашаган Жизре, Сур жана Диярбакыр шаарларынынын кээ бир райондору XX-XXI кылымдын чегиндеги Грозный шаарынын кебетесин кийип турган чагы. Мунун баарын байкап туруп, Түркиянын лидери да өз убагында дүйнөгө таасир бере алган деңгээлге жетеби деген күмөн пайда болот. Бирок андай болушу мүмкүн эмес.

Мунун бир нече себептери бар. Владимир Путин орус элитасы тандап алган жана Орусияны бириктирген лидер катары сахнага чыгарылган. Таййип Эрдоган болсо тетирисинче, ар бир сүйлөгөн сөзүндө коомдун тигил же бул тайпасын өзүнө душман кылууда. Чечендер Орусия элинин аз гана бөлүгүн түзөт. Күрттөр болсо Түркиянын 30% калкы жана коомдук жашоонун бардык багыттарында орун алышкан. Путин бийликке келген убакта орусиялык ЖМКлар эми эле жандана баштаган. Түркиянын ЖМКлары болсо дүйнөнүн маалымат желеси менен чиеленишип, Эрдоган тарабынын аракеттерин жокко чыгара алганчалык материалдык жана инсандык ресурстарга ээ. Путин башкарган партиянын ичинде ага теңтайлаша турган адам жокко эсе. Эрдоган менен бирге Адилеттүүлүк жана өнүгүү партиясын (АӨП) түзгөндөрдүн дээрлик бардыгы азыркы президентин саясий курчоого алуу аракетинде. Демек, Рэжжеп Таййип Эрдоган болсо – Борис Ельциндин ролун ойной алат. Ал да «өзүнүн Путинин» тапканда гана ишке ашчудай көрүнөт.

## Эрдоган ре-эволюция болдубу?

XXI кылымдын башында Түркияда бийликке келген АӨП жана анын лидери Таййип Эрдоган өчүп бара жаткан бир нече үмүттү кайра тутандырган. Диндарлыгын ачык жарыялап, аны туу катары колдонгон АӨП ошол эле учурда Батыш баалуулуктарына ачык экенинине ишендире алган. Муну менен өлкөсүнүн ичиндеги бири-бирине каршы болуп келе жаткан диндар жана атеист тайпаларын бириктирип, шайлоо сайын добушун арттырган. Коңшулаш мамлекеттер менен «нөл проблема» деген саясатын жүргүзүп, мусулман дүйнөсүнүн үмүтүнө айланган. Сырттан байкап турган Батыш менен Орусия да Таййип Эрдоганга ишенип, тыгыз алакаларга өтүп, Түркияны мусулман өлкөлөрү үчүн үлгү катары сунуштай баштаган.

2010-жылдан берки беш жылда болсо Түркиянын абрюю мурункусунан да төмөн түштү. Жогоруда жазганыбыздай, азыр Таййип Эрдоган өзүнүкүн гана туура көрүп отуруп, жерибеген бир да тайпа калган жок. Түркия коому тарыхы боюнча мынчалык жиктешкен учурду жашаган эмес. Коңшулаш мамлекеттердин бирөөсү да Түркия менен мамиле курайын деген ниети жок. Орусия Түркиянын босогосуна чейин келип, Батыш аны НАТОдон чыгаруу алдында турат.

Таййип Эрдоган менен анын тегерегине чогулган тың чыкмалардын ниеттери жакында ашкере болду. Бул Түркияны жана Жакынкы Чыгышты жалгыз бийлөө ниети болчу. Бул амбициясын ишке ашыруу үчүн алар өнөктөштөрү менен бирге мамлекеттик жана жеке ЖМКларды тымызын колго алууга өтүшкөн. Бирок адам укуктарын коргоо, универсалдуу инсандык баалуулуктарды колдоо жана демократиялык принциптерин кармануу жаатында Таййип Эрдоган командасы менен бирдикте турган күчтүү динаятчы Мухаммад Фетхуллах Гүлендин жамааты АӨПтүн коррупциялык иштерине каршы чыккан. Ошол күндөн кийин Таййип Эрдогандын чыныгы жүзү көрүндү.

Гүлендин жамаатына тиешелүү делген бардык ЖМКларга сырткы башкаруу киргизилип, тез аранын ичинде Түркиянын эң ийгиликтүү ишканаларынын катарына кирген медиа түзүмдөр банкротко учуратылды. Эң акыркысы, үстүбүздөгү жылдын 5-мартында күнүмдүк нускасы миллиондун тегерегине жеткен «Заман» (Zaman) гезитине күч колдонулуп, аял-эркек, бала-чака дебей, ур-токмокко алып, сырттан башкаруу режими орнотулду. Түркиянын Конституциялык сотунун чечим менен Жан Дүндар жана Эрдем Гүл аттуу атактуу журналисттер түрмөдөн бошотулса, Таййип Эрдоган «бул чечимди тааныбайм, сотунду да сыйлабайм» деп балп эткизди. Ошентип Эрдоган мурункусунан кайткан саясатчы эмес, бийлик менен байлыкка мас болгон, амбициясы дараметине жарашпаган, чыныгы жүзүн жашырып келген шылуун болуп чыкты.

## Таянган тоолор кулаганда

Владимир Путиндин медиа чабуулу менен тымызын саясатынан улам Евробиримдик жана АКШ коому популист жана маскарапоз саясатчыларды колдой баштады. Мына ушуну менен алардын элинин көбү аналитикалык ой жүгүртүү деңгээлинде эмес экени белгилүү боло баштады. Түрк калкынын алкымын арам акчага тойгузуп, аянттарда айкырган лидерлерди үйүр-үйүр болуп ээрчип кете бергени көбүнүн динди сырткы көрүнүш үчүн гана карманып жатканын ашкереледи. Батыш менен Түрк эли Кудайдан корккон кыргыз демократтары үчүн маанилүү болчу. Батыш бизди исламдык баалуулуктарды күнүмдүк турмушунда ишке ашыра алган коом катары өзүнө тартчу. Түрктөр болсо адал-арам маселесинде эч кимди алдыга чыгарбаган эл катары көрүнчү. Мына ушул залкар тоодой бийик сезилген ишеним бүгүн биринен сала бири урап жаткан учуру.

Улуу эпосубузда «Кара динден ак динге, эми кайтты эр Манас» деген саптар бар. Ал жерде улуу эпикалык бабабыз кырк чилтен менен жолугуп, дининин буйруктарын формалдуу аткаруу деңгээлинен чыгып, чын дилден кармануу даражасына жогорулаган маалы чагылдырылган. Бириккен улуттар уюмунун Адам укуктары тууралуу декларациясынан баштап, чыныгы демократияны орнотом деген мамлекеттердин кан кечип, тер агызып негиздеп чыккан Конституциялары Ислам дининин талаптарына бап келээрин Ислам аалымдары небак эле айтып чыгышкан. Демек Жараткан алдында эсепке тартыларына ишенген кыргыз демократтары башка элдердин демократия жолунда чабалдык кылганын карап отурбай, жогоруда аталган эки универсалдуу баалуулуктарды бекем тутунуп, чыныгы элдик башкарууну орнотууга аракет кыла берүүлөрү зарыл.

ЖАНСАКТА САРБАШОВ

# "Манас" эпосундагы кыргыздын улуттук оюндары

## Балбан күрөш

Балбан күрөштө Жолой менен күрөшүүгө адам даабай, Манастын өтүнүчү боюнча Кошой чыгат. Күрөшүп күч сынашаар алдында Манас атайын Каныкей даярдаган кандагайды алп мүчөлүү Кошойго берет. Балбан Кошой Манаска "балалуу бол" деп бата берип, Жолойду жыгып намыс алат. Андан кийин балбан күрөшкө кытай тараптан түктүү таман Түкүбай, кыргыздан "Бүткөн бою тарамыш, чыканактай Эр Агыш" чыгып, байгени кыргыз балбаны жеңип алгандыгы айтылат (Саякбайдын варианты). Эки балбан белгилүү тартип боюнча жекеме-жеке кармашып, күчтүүсү күчсүзүн жыгат. Балбан күрөш байыртадан белгилүү болгон элдик оюн. Чоң-чоң аш-тойлордо ойнотулуп келет.

*Жалпы журт карап туруптур,*
*Тоодой Жолой балбанды,*
*Томкоруп жерден алганы,*
*Көтөрүп жерге уруптур,*
*Көпчүлүк карап туруптур* (Сагымбай варианты)

## Ордо

Эки топко бөлүнүп ойнолуучу байыркы элдик оюн. Оюндун негизги жүрүшү тегизделген жерге чийилген чоң айлананын так ортосуна "кан" тигилип, анын тегерегине көп чүкөлөрдү тизип туруп чийиндин сыртынан томпой менен атып, же чертип чүкөнү чийиндин сыртына чыгаруу. Оюндун бул көрүнүшү сырттан каптап келген аскер башчыны (оюндагы "кан") айланасындагы жоокерлери менен кошо (оюндагы чүкөлөр) жок кылуу максатында негизделген. Ордо оюнунун аталашы "орто", "ортолук", "ортонун" (элдин) деген сөздөн пайда болгону жүйөлүү.

*Кырк таман ордо чийдирип,*
*Кылым журтка билдирип,*
*Кыркалай чүкө атышат,*
*Кызыгын журтка сүйдүрүп,*
*Чийинин басып аткылап,*
*Чогултуп чүкө үйдүрүп.* (Сагынбайдын варианты)

## Тогуз коргоол

Кыргыз элинин байыртадан бери келе жаткан көөнөрбөс эстелиги, акыл-ой байлыгынын казынасы, көчмөн турмуштун, жоокердик мамилелердин сырдуу түйүнү жана көпчүлүктүн черин жазган ортолук оюну. Тогуз коргоол оюну "Манаста" чагылдырылган негизги оюндардын бири катары айтылат:

*Жалпак жыгач чаптырып,*
*Чараларын оюшуп,*
*Бир жагына бир тогуз,*
*Бир жагына бир тогуз,*
*Үй чыгарып коюшуп,*
*Оюу менен олтуруп,*
*Ташын салып толтуруп,*
*Тогуз коргоол ойгону,*
*Ордо тогуз коргоол деп,*
*Жаш Манас кылып койгону* (Сагымбай варианты, 1.172).

## Жаа тартуу

Согушта, аңчылыкта, мелдештерде жаа менен жебе тартуу өнөрү. Жаа тартуу өтө зор чеберчиликти, кайраттуулукту, күчтүүлүктү талап кылат. Жааны тизелеп олтуруп да, жөө да, атчан да да, басып баратып да, ат чаап баратып да тартышкан. Жаа тартуунун мыкты үлгүлөрү "Манас" эпосунда өтө таасын сүрөттөлгөн. Көкөтөйдүн ашында Манастын чоролору төрткө бөлүнүп, жоокердик түрдүү оюндарды көрсөтүшкөн (С.О. 3.166–174)

*Шарт этип саадак тартылды,*
*Өнөрү журттан артылды.*
*Саадактын огу жеткени,*
*Бөркүнө таккан чокуну,*
*Үзгөн бойдон кеткени.*
*Саадактан көрдү огуну*
*Баары кыркып өтүптүр*
*Тебетейдин чогуну* (СОВ)

## Жамбы атуу

Жамбы атуу мелдеши "Манас" эпосунда чагылдырылган. Жамбы атууда жаа, милтелүү мылтык, бараң колдонулган. Эпостун каармандары жамбы атуу жана башка оюндар аркылуу жоокерчиликке, мергенчиликке машыгышкан. Көкөтөйдүн ашында жамбы атуу үчүн атайын кыйып даярдалган карагайлардын "Алты жүзүн асманга, Чыгарып ийди улатып" (СО, 3. 164) деп сүрөттөлөт. Андан кийин орнотулган устундун башына туурасынан кагылган жыгачка бири-бирине байланыштырып түйүштүрүлгөн жип менен жамбы байланган. "Жамбыны бийик зоо кылды, Сары алтынды жоо кылды, Кырк эки танап боо кылды" (СОВ). Салт боюнча атканы жаза кетпеген, ашкан мергендиги бар белгилүү баатырлар мелдешке катышып, "Ат менен чаап жөнөл деп, Атып алсаң өнөр деп" (СОВ), – оболотуп асманга илип койгон жамбыны аты менен чаап келип атышкан. Бул да болсо кыргыздардын элдик оюдарынын бири. 10–15 метр узундуктагы шыргыйдын башына 3–4 метрлик туура жыгач бекителген. Туура жыгачтын ар кайсы жерине ар түрдүү чоңдуктагы бир, же бир нече жамбыны аттын куйругунун кылына илип байлашкан. Ал учур төмөнкү сүрөттөөдөн айкын көрүнөт:

*Арчатору закымдап,*
*Жамбыга жетти жакындап,*
*Көтөргөндө мылтыкты*
*Көк түтүнү бурады,*
*Көктөгү жамбы кулады.*
*Түркүгүн түптөп сындырды,*
*Дүйнөнүн көөнүн тындырды.*
*Туура таңган жыгачын*
*Туйгунуң Манас сындырды,*
*Душмандын көөнүн тындырды,*
*Тууганга кубаныч кылдырды.*
*Түшүрдү көктөн жамбыны,*
*Тумөнгө сөзүн даң кылды.*
*Арчатору чуратып*
*Арыстан Манас жеткени,*
*Тоголонуп калганча,*
*Көктөн түшкөн жамбысы*
*Токтоп орун алганча*
*Чапкан баатыр жеткени,*



*Кыргый илген торгойдой*
*илип алып кеткени,*
*Арстан Манас баатырдын*
*Адистиги эмей неткени* (СОВ).

## Эр эңиш

Эки балбандын ат үстүндөгү алышуусу. Бул оюн-зооктун келип чыгуусу куралынан ажырап калган атчан жоокердин ат үстүндөгү кармашуусуна шартталган. Жоокерчилик заман үчүн бул кармашуу өтө зарыл болгондуктан, бара-бара аскердик оюндардын катарына кирип, бүгүнкү күнгө чейин ойнолуп келе жатат.

*Алар эңиш салсын деп,*
*Чабандеси жеңсин деп,*
*Көкбөрү кылган улактай,*
*Көрүнөө аттан эңсин деп* (СО, 3–254)

## Эр сайыш

Жоокердик мезгилде согуш маселеси негизги орундардын бирин ээлеп, пикир келишпестиктердин көбү куралдын күчү менен гана чечилген. Эр сайыш жоокерчилик коомунун аскердик тарбия берүүсүндө негизги талап болгон. Оюндун жүрүшүн Көкөтөйдүн ашында Манас менен Коңурбайдын сайышынан көрүүгө болот. Жоокерчилик замандан бери аш-тойлордо эр жүрөк баатырлар жекеме-жеке чыгып ат үстүндө күч сынашчу. Эр сайыш согуш мезгилинде гана эмес, тынч убакта да атайын эрежеси иштелип чыгып, аскердик оюн катары аш-тойлордо өткөрүлгөн.

*Күлүктөн тандап минишип,*
*Күрөөкө тондон кийишип,*
*Күчү менен тийишип,*
*Айтканына көнүшсүн,*
*Ажалдуусу өлүшсүн,*
*Найза колго алышсын,*
*Арага сайыш салышсын.* (СОВ)

## Көк бөрү

Улак тартуу бардык эле тойлорда жана майрамдарда ойнолуучу улуттук оюн. Улак тартышуунун тартиби боюнча, улакты алып келип таштай турган белгилүү жер болот. Аны таштоочулардын ала турган байгелерин жарчылар элге угузат. Маселен, төрт урук эл болсо, ар бир уруктан бештен, алтыдан киши чыгып тартат. Анда аттын күлүгү менен азаматтын балбаны, же атка чыйрак чабандес, атка коркпой минген жана улакты көп тартып машыккан кишилер барышат. Улак тартуу элдин каалоосуна жараша өтөт. Торпок тартабы, же эркеч тартабы, аны оюнчулар же уюштуруучулар өздөрү тандайт. Кээде улакты алып кеткен кишинин олжосу ошол алып кеткен улагы гана болот. Азыркы учурда көк бөрү оюуну күч алып турган кези. Келечекте олимпиада оюндарына киргизүү маселеси каралууда. Бул тууралуу быйыл экинчи ирет Ысык-Көлдө өтө турган көчмөндөр оюнун айтсак болот.

*Бөлүнүп ордо, чын мөрөй*
*Атпай турган жер бекен*
*Жатпай оюн, көк бөрү*
*Тартпай турган жер бекен*
(СКО).

## Ат чабыш

Ат чабыш эпосто кеңири жолуккан кыргыз элинин улуттук оюндарынын бири. Байыркы замандан бери кыргыз эли өз өмүрүнүн ар кандай кубанычтуу учурун улуттук оюн-зооктор, көңүл ачуулар менен өткөрүп келген. Мисалы "Манас" эпосунда кан көтөрүү, кан түшүү, кан тартуу өңдүү салттык үрп-адаттарды, аш-тойлорду дайыма элдик оюндар, көңүл ачуулар коштоп жүргөндүгү менен далилденет.

Ат чабыш байыртадан белгилүү болгон оюн. Ал үйлөнүү үлпөтүнө да, башкача айтканда, кызга үйлөнүүчү баатырга коюлган ар түрдүү шарттардагы сыноо-талапатарга да байланыштуу болушу мүмкүн. Баатырдык эпостордо чагылдырылганы боюнча кызга үйлөнүп бүлө куруучу талапкерлер үчүн атайын мелдештер уюштурулган жана кимиси мөрөй алса, ошол кызды алууга татыктуу болгон. Талапкерлердин өнөрүнө көбүнчө үч мелдеш – ат чабыш, бута атуу, күрөш мүнөздүү болуп эсептелген. Мына ошол ат чабыштын да кыргызда бир канча түрлөрү бар. Алар аламан байге, чоң байге, кара жарыш, көр байге, мүрзө байге, кемеге байге деп бөлүнөт.

Аламан байгеде аттар орто аралыктарга чабылып, күлүктөрдүн жаш өзгөчөлүктөрүнө чек коюлбайт. Чоң байгеде болсо (Кыргызда конолуу байге, коно ат чабыш, түнөтөр байге деп да атайт) өтө алыс аралыкка байге сайылат. Буга ашкан күлүк аттар гана катыша алат.

Кара жарышта аттар жакын аралыкка чуркап, байге сайылбайт. Бул чоң байгенини алдында өткөрүлүп, аттарды сыноо, бой-келбетин байкоочу милдетти гана аткарат.

Көр байге өлгөндүн урматына өткөрүлгөн. Ат чабыштын бул түрү маркумду жайына койгон учурда чабылып, байгесине анын урунган айрым буюмдары, дүнүйөсү сайылган. Эпосто бул көркана (СО,3.43) деген ат менен учурап, Көкөтөйдү койгондо анын сансыз малынын байгеге сайылышы сүрөттөлөт:

*Баш байгеге сайганы,*
*Сексен миң жылкы, миң аттан,*
*Жана жүз миң кой болду,*
*Тогуз миң толук үй болду,*
*Эсебин малдын ала албай*
*Эл жакшысы буй болду.*
*Жабык башы кундуздан*
*Жана токсон үй болду,*
*Үй башына карасаң*
*Бирден эркек ээси бар,*
*Экиден шайдоот күң болду* (СО 3.146)

Азыркы учурда кыргыздын кыз куумай, балбан күрөш, эр эңиш, улак тартыш, ат чабыш жана башка оюндары ушул кезге чейин улуттук оюндардын катарында сакталып келе жатат.

Даярдаган: Ага илимий кызматкер ЭРАЛИЕВ Р.А.

# Атам тапканын дааватчыларга ташыйт...

**1) Атекзчилик менен жер-жемиштерди алып-сатып иштесе болобу?**

**Жооп:** Кайсы бир мамлекеттин жараны колунан келишинче өзү жашаган мамлекеттин мыйзамдарын сыйлоого жана аны аткарууга аракеттенүүсү абзел. Бирок, кээде ал мыйзамдар аткарууга жарамсыз болуп, карапайым элдин жашоосунан ат чабым алыс, пайдасыз, а кээде зыяндуу да болуп калат. Бул учурда ал мыйзамдарды өзгөртүүгө аракет жасалуусу милдеттүү.

Шариатка ылайык келген, адамгерчилик маңыздарына каршы келбеген, жалпынын ден-соолугуна коопсуз буюм-тайымдарды ташууга жана сатууга, жетпеген жерге жеткирүүгө, туура келген товарларды сатып алууга мүмкүн болушу керек.

**2) 3 кызыбыз менен батирде жашайбыз. Жолдошум Кытайга барып иштейм деп жатат. Менин уруксатым менен барышы керекпи, же аялын нараазы кылып кете берсе болобу?**

**Жооп:** Кеңешип кескен бармак оорубайт. Адатта, эркектин милдети үй-бүлөнү багуу. Аны багуу үчүн ал жердин түбүнө да болсо барып иштесе болот. Эгерде сыртта төрт айдан ашык иштесе, аялдын каршылык көрсөтүүгө укугу бар. А эгерде, ар бир төрт айда келип-кете турган болсо, анда каршылык көрсөтүүгө тууга эмес болуп калат. Албетте, мунун баары алар жашаган жерде ырыскы табуунун булактары азайып, кыйын болуп калган кезде болот.

**3) Дааратканa тазалоонун соопторун кенен айтып бериңизчи, устаз?**

**Жооп:** Тазалык ыймандын бир бөлүгү. Тазалык ыймандын жарымы деп да айтылат. Эми ушул кепти кенен кылып түшүнүп алуу сенин вазыйпаң.

**4) Даарат биринчи алынабы, же гусулбу?**

**Жооп:** Тартиби боюнча адегенде даарат алып, андан соң гусул алынат. А бирок, гусулдан кийин даарат алынып калса деле жарай берет. Гусул алынып, даарат алынбай калса деле ошол гусул даарат ордуна өтө берет. Жунуб адам сууга чумкуса, андан соң колу менен башын сылап масх тартса, мына ошонусу гусулга да, даараткa да жарай берет. Болгону оозу менен мурдун чайкап алуусу керек болот.

**5) Ортого акча коюп, волейбол ойносо, бирок мен акча үчүн эмес, ден-соолукту чыңдоо үчүн ойносом болобу? Ойногондо акчаны кантип койсок адал болот?**

**Жооп:** Ортого акча коюп ойногон кумар болуп эсептелет. Кумар оюндарын ойногон күнөө болуп эсептелет. Ага шериктеш болгон дагы жакшы эмес. Ойногондо акча койбой ойносоңор, же байге акчаны ойнобогон үчүнчү тарап бере турган болсо, ойногонго болот. Болбосо болбойт.

**6) Карызы жана кредити бар адам дааватка чыкса болобу?**

**Жооп:** Кредит алуу арам. Андан тезирээк кутулуу керек. Ал эми карызы бар адамдын карызын төлөй турган орду бар болсо, анда даават өз ордунда, карыз өз ордунда кете берет. Карыздын орду жок болсо, анда карызын төлөөгө аракеттенип, аны төлөп, андан соң чыкканы макул.

**7) Даараты бар учурда маасыны чечип, кайра кийген адам кийин даaратын жаңылаганда бутун да сөзсүз жууш керекпи?**

**Жооп:** Даарат алып, маасысына масх тарта электе, даараты бузула электе маасысын чечип, кайра кийген адам даaратын жаңылаганда бутун сөзсүз жууштун кажети жок. Маасыга масх тартып койсо жетиштүү болот.

Ал эми, даарат алып, маасысына масх тарткандан кийин бутун чечип кайра кийсе, кийин даaратын жаңылаганда, бутун сөзсүз жууганга туура келет.

**8) Атам даават жолуна түшкөнүнө 10 жыл болуп калды. Башында, ичпей-чекпей калганына кубанып жүргөнбүз. Азыр болсо үй-бүлөнү каржылоо дегенди унутуп баратат. Апамдын тапканын кайра мечитке, дааватчыларга ташыйт. Биздин окуубузга да акча төлөбөй калды. Апам атамдын терс кылыктарын бизден жашырып жүрүп, жүрөк оорулуу болду. Азыр эмне кылышыбызды билбейбиз.**

**Жооп:** Бул маселе боюнча муфтияттагы даават бөлүмүнө кайрылып көрүңүз. Алар ал киши менен профилактикалык иш-чараларды өткөрүшөт. Албетте анын кылганы туура эмес.

**9) Орозо кармап сууга түшсө болобу?**

**Жооп:** Болот. Оозу-мурдунан жана башка жеринен суу кирип кетпегендей болсо боло берет.

**10) Жубайыма телефондо 3 талак деп айтканмын. Ал учурда бир балабыз бар эле. Бирок азыр жашап жатабыз, экинчи балабыз да жарык дүйнөгө келген. Кээде "кете бер", "жогол" деген сөздөрдү да айтып калам. Бирок азыр жакшы эле жашап жатабыз.**

**Жооп:** Талак маселесинде жубайлар менен чогуу укканда гана туура, же туурага жакын жооп чыгат.

**11) Бир өлкөдө бийлик элдин кызыкчылыгын көздөбөй, уурулук кылып, элин сызга батырып, жетим-жесирдин акысын жеп, мыйзамдарды дагы иштетпей, шайлоону дагы бурмалап, өз билгенин кыла берсе, бул жагдайды көрүп турган өлкөнүн жарандары кайдыгерлик кылып, "баары бир Кудай алдында өзү жооп берет да" десе туура болобу?**

*Бишкек, Гүлжигит Исаков*

**Жооп:** Туура эмес болот. Акыйкатты айтып, осуяттап, шариатка каршы келбеген жолдор менен тууга жолго салуу милдеттүү болот.

**12) Тескерисинче, кайдыгер болбой, "мен бул адилетсиздик менен күрөшөм" деп чечкиндүү болуп, натыйжада, ошол күрөштө жанын берсе, өзүнүн жанын кыйган болуп эсептелбейби?**

*Бишкек, Гүлжигит Исаков*

**Жооп:** Өз жанын кыйган болуп эсептелет. Анткени өз жанын кыюу жогоруда сиз айткан адилетсиздиктен да адилетсизирээк болуп эсептелет.

**13) Бул жагдайларга туура жана калыс баа берүүнүн ордуна унчукпай койгон аалымдардын жоопкерчилиги кандай болот?**

*Бишкек, Гүлжигит Исаков*

**Жооп:** Кыяматта жооп берет. Кээ бирлердин кызык кылык-жоругу бар. Аалымдардын аларга жакпаган, нафсилерине каршы келген маселе болсо уккусу келбейт, аны колдобойт. А эгер анын пикирине туура келсе, аны колдоп калышат. Мына ушундай "аалым эместер" да кыяматта аалымдардан кем эмес жооп беришет. Аалымдарга өз пикирин таңуулап, "өзүнүн чала сабат түшүнүгүн айт" дегендер да жооп беришет.

**14) Москвада иштейм, иштеген жеримде жоолук салындырбайт, намаз окуттурбайт. Жумушта жоолугумду чечип коём. Мындай кылганым акыретиме зыянын тийгизбейби?**

**Жооп:** Жалаң аялдар иштесе, жылаңбаш болсоң зыяны тийбейт. Ал эми намазды таптакыр калтырууга болбойт. Жок эле дегенде парздарды калтырбай оку.

**15) Садаганы кимге, качан, кандай шартта бериш керек?**

**Жооп:** Качан колунан келсе, ким каалаганга берсе боло берет.

**16) 8-мартты эмне үчүн мусулмандар майрамдабаш керек?**

**Жооп:** Анткени мусулмандардын майрамы эмес.

**17) Биринчи никеңдин талагын албай туруп, экинчи күйөөгө чыкса эмне болот?**

**Жооп:** Экинчи күйөө менен жашаган жашоосу зына болуп эсептеле берет.

**18) Тууганыбыздын эжеси өлүп-тирилген экен. Рухтар менен сүйлөшөм дейт. Кыскасы адам көрөт. Ага кайрылып турабыз. Күнөө эмеспи?**

**Жооп:** Өлүп-тирилген деген болбойт. Ал жалганчы. Ал жин-шайтандар менен сүйлөшөт. Ага кайрылган күнөө. Ыймандан чыгарат.

**19) Акча койбой карта, шахмат ойносо болобу? Баса ышкырган күнөө эмеспи, устаз?**

**Жооп:** Картаны кандай ойносоң да арам. Ал эми шахматты акча койбой ойносо боло берет. Ышкырган күнөө эмес.

**20) Эжем биринчи никесинин талагын албай туруп, азыр экинчи адам менен жарандык никеде жашап жатат. Боюнда бар. Бул канчалык күнөө, акыретте азабы кандай? Никесиз төрөлгөн балдар жөнүндө кенен айтып берсеңиз?**

**Жооп:** Балада күнөө жок. Ага жакшы тарбия берүү керек. Ал эми тигилердин жашоосу арам.

**21) Быйыл орозо канчасында башталат?**

**Жооп:** Билбейм. Айга карап айтылат.

**22) Кредит алган адамдын үйүнөн чай ичпегенге аракет кылуу керек деп жазыптырсыз. Статистика боюнча Кыргызстанда 94% элибиз кредит менен жашап келет. Барган жерге жеген тамак өлчөмүндө тыйын берүү керек экен. Баарында эле чөнтөгүндө тыйын жок болушу мүмкүн. Анда кандай кылабыз?**

**Жооп:** Анда чай ичпей коёсуңар. Ач кулактан тынч кулак.



Атактуу аалым Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды **SMS** же **Whatsapp** аркылуу **0773-61-54-87** номуруна жибериңиздер!

***Эскертүү: аталган номур Чубак ажыныкы эмес***

**23) Мен чет-өлкөдө окуйм. Ал жакта сунниттер менен шииттер болуп бөлүнөт экен. Кайсы жамааттын намазына барсам болот?**

**Жооп:** Сунниттердин мечитине бар.

**24) Бетти агартуучу, арыктатуучу каражаттарды колдонсо болобу?**

**Жооп:** Болот. Ден-соолукка зыяндуу болбосо, адал болсо болот.

**25) Биз үй-бүлөбүз менен Москвада турабыз. Ижарага алган квартирабыздын бир бөлмөсүн бир кыргыз кызга ижарага бергенбиз. Бирок анын жолдошу христиан динindеги кыргызстандык орус жигит экен. Кыздын ата-энеси светский адамдар болгондуктан, экөөнө чогуу жашаганга уруксат беришиптир. Бирок биз зынага шарт түзүп бергендей болуп калбайбызбы, же аларды чыгарып жиберелиби?**

**Жооп:** Билип туруп күнөөгө баткандай болосуңар. Чыгарганыңар жакшы.

**26) Мага сөйкө салып, бата кылып кетишкен. Тойго чейин бала менен жакшы нерселерди сүйлөшүп турсак болобу?**


**Жооп:** Жок. Тойдон кийин каалаганча сүйлөш. Анткени тойдун болуусуна эч ким кепилдик бералбайт.

**27) Жакын туугандар урушуп кетип бири кечирим сураса, экинчиси кечирбей койсо эмне болот?**

**Жооп:** Кечирбегени күнөөкөр болот. Беркиси сооп алат.

Бетти даярдаган: ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Эркек кумурскалар майрамдабайт



«Жаз келди майрам келди, күз келди сайран келди» деген сөз бар дешет Кумурзстанда. Анткени менен мурда жаз менен күздүн ортосунда кыш менен жай бар болчу имиш. А азыр күз качан бүтүп кыш качан келгенин, кыш качан бүтүп, жаз качан келгенин билбей калчу болушту. Себеби, күзүндө башталган тойлор кыштай уланып жүрүп отуруп, жазга чейин кирип кетет. Жазда башталган майрамдар уланып отуруп күзгө чаап кетет. Кумурзстандыктар болсо же майрамдашат же эс алышат. Мисалы баягыда эле эркек кумурскалардын майрамы болду эле, эми атаандашкандай ургаачы кумурскалардын майрамы болду. Бирок, анысында деле, мунусунда деле баары эле жабыла эс алып, жапа тырмак майрамдап алышты. «Бул сенин майрамың. Сен эс ал, мен майрамдайын» деген бирөө болгон жок.

Баса, ушул жерден дагы бир кызыкты айта кетпесек болбойт. Элдин айтымына караганда, эркек кумурскалар ургаачы кумурскаларга караганда көп майрамдашат экен. Себеби алар өздөрүнүн да, ургаачылардын да майрамын майрамдай беришет имиш. Бирок, бул эл оозунда айтылган кеп гана. А изилдөөлөр боюнча эркек кумурскалар дегеле майрамдабайт. Алар жөн гана ургаачы кумурскалардын көңүлүн көтөрүп коёлу деп жүрүп өздөрү курмандыкка чабылып калат экен. Буга изилдөөчү кумурскалар төмөндөгү окуяны мисал катары көрсөтүшкөн. Окуя боюнча, коңшулаш жашаган эки ургаачы кумурска майрамдан кийинки күнү төмөнкүдөй маектешишет:

- Абышкама жок дегенде бүгүн ачыткы ичпей эле кой деп урушуп атып кетиргем. Кечинде тайраңдап келип калыптыр. Кайдан ичкенин билбейм, - дейт бирөөсү адатынча алкынып-булкунуп. Анда беркиси да алаканын шак коюп кебин улайт.

- Ой, сенин абышкаң алтын да. Эртең менен мени эч ким куттуктабайт. Жадакалса, жанагы жаман эркегим да билбейт мындайды деп отурсам сенин абышкаң келип калыптыр. Аны көрүп аябай ыраазы болбодумбу. Тим эле берээр ашымды таппай кудуңдаганымды айт. Эркегиме да бербей катып жүргөн ачыткым бар эле, аны алып чыгып бузуп бергем. Рахмат абышкаңа. Алтын кумурска сеники. А тиги меникиндей кантип болсун?! Кечке дайыны жок жүрүп, кечинде лайлип келип калыптыр.

- Ай, жок ай! Сенин эркегиң аявай сонун кумурска да. Бапыраңдап тим эле. Жадырап-жайнап, күлдүрүп жүргөнүчү. Эркек деп ошону айт. Чөнтөгүндө барын аябайт. Кечээ байкуш мага келиптир. Жанагы менин шумшугум жоксон алган соң, жиним келип отурсам, бир маалда келип калды. Бир баштык таттуу-маттуу көтөрүп алган. «Кошуналарды куттуктап жүрөм» дейт. Тим эле сүйүнгөнүмдү айтпа. Анан тура калып наркы дүкөнгө чуркадым. Барсам, жакшы ачыткысы бар экен. Ошону карызга алып сыйлап кетирбедимби. Рахмат сенин эркегиңе. Менин шумшугүмө болсо айткам жакшы эле. «Эй мындай басканда эле бир жуукурларга жолугуп, ачыткы жутуп келчү элең. Жок дегенде бүгүн аман кел дегем.»

- Ой, аны бир айтасыңбы, эки айтасыңбы баары бир эркек сөрөйлөргө. Мен да эркегимдин кулагына куйгам. «Чөнтөгүңдө сокур тыйын калгыча чачып салып жүрө бербе» дегем. Анан калса, ушуну эле аңдып турушат окшойт. Чөнтөгүн кагып, өзүн ачыткыга чылап туруп жиберип коюшат. Мээси жок, бир мээси жок!

Мына ушу жана дагы ушуга окшогон учурларды изилдеп көрүшкөн соң, кумурзстандык изилдөөчүлөр «эркек кумурскалардын укугун коргоп, дагы бир майрам коштуруу керек» деген жыйынтыкты уяхандын өзүнө узатып жиберишти. Бирок, кийин кайра эле өздөрү баш болуп Кумурстанда майрамдарды азайтуу керек деген пикирлерин дуу көтөрө айтып, наалыпнапчып жатып калышты.

ЧЫНДЫК АЙТПАСОВ

**(Бардык окуялар жана каармандар ойдон чыгарылды)**

# Мастандын энесин издегени

***(Уландысы)***

Жанатан тыптынч турган айланада акырындап шамал башталып, кайдан-жайдан чогулган булуттар асманды түнөрө каптады. Тигиндейрээкте турган кучуктун уясынан башталган куюн ызгыттай чимирилип келип кемпирдин башындагы жоолугун учуруп кетти эле, анын куудай чачы туш тарапка саксайып чыга келди. Бала айланада болуп жаткандарды ошондо гана байкады. Бирок, баары кеч болуп калган эле. Терезелер шамалга турүштүк бере албай шарактап сынып, дарбазалар карсылдап ачылып-жабылды. Түнөргөн булуттан чагылган чартылдап, асман даңкадүңк добуштарга толду. Көз алдындагы коркунучка, айрыкча кемпирдин чакчайган көзүнө арбалып калган бала колундагы бычагы жерге түшүп, былк эте албай отурду. Мастан кемпирдин жанагы шыбыраганы уламданулам күч алып отуруп аягында кадимкидей күпүлдөгөн кыйкырыкка айланды.

– Брахман, крахман дуба дуб,
Шамал айдап, жамгыр жууп,
Ыпыр-сыпыр чаңга айлан,
Чимирилте куюн кууп!

Бул үн бара-бара шамалга айланып, уулдап-дуулдап бараткансыды. Электр зарыгы чартылдап өчүп, бак-дарактар жыгылды. Туштуштан авто унаалардын түрдүү-түстүү чырылдаган үндөрү жаңырды. А шамал болсо барган сайын күч алып улуду. Аңгыча эки там нарыраактан капкара куюн көтөрүлүп чыкты да, так эле мастан менен бала турган жакты көздөй жылып жөнөдү. Кемпир болсо ого бетер күч алып жанагысын кыйкыра берди.

– Брахман, крахман дуба дуб,
Шамал айдап, жамгыр жууп,
Ыпыр-сыпыр чаңга айлан,
Чимирилте куюн кууп!

Акыры куюн жылып отуруп буларга жетти да, экөөнү ортосуна алып бир сыйра ороп кеткендей болду. Ошону менен баары токтолду. Тим эле эч нерсе болбогонсуп шамал тып басылып, айлана жымжырттыкка бөлөндү. Жанагы куюн болсо дароо токтоп, чымылдатып учуруп жүргөн чаң тозонун шашпай гана жерге уюлгутуп таштап койду. Бир гана өзгөрүү, эне-баладай кыналышып отурган кемпир менен бала бир заматта кайда кеткени белгисиз көздөн кайым болушту.

Тегерек четтеги колу-коңшу үйлөрүнөн чуркап чыгып, эки жакка элеңдей чуркап, удургуп калышты. Мындай жоруктү алар үч уктаса түшүндө көрбөсө керек. Бир маалда кудум ушунун баарын жалгыз өзү гана көргөнсүп биринен сала бири шашмалап айта башташты. Ал тургай араларында таптакыр болбогон нерсени болду кылып кошо баштагандар да болду.

– Жанагы учуучу табак деген немени өз көзүм менен көрдүм, – деди андайлардын бирөөсү. – Так эле менин үйүмдүн үстүндө беш мүнөттөй калкып турду. Кадимкидей көрдүм, Кудай урсун!

А экинчиси болсо андан ашып түшүп апыртты.

– Эй кайдагы табакты айтасың? Жанагы телевизордон күнүгө айтып аткан үчүнчү күчтөр деген келди. Мен өз көзүм менен көрдүм го. Кадимкидей эле каптап келишти алар.

Бирок алардын бирөө да бала менен кемпир тууралуу ойлогон жок. Качан гана баланын кошунасы, таң эртеден бери үйүнүн чатырын оңдоп жүргөн Керимбай чыгып жин тийген немедей кыйкыра баштаганда баарынын жаагы жап болду. Көрсө Керимбай бечера тамдын үстүндө иштеп атып шамалдын башталганын байкабай калыптыр. Качан ал күч алып отуруп учуруп кете турган болгондо, алдындагы чатырдын устунун бекем кучактаган бойдон жабышып отуруп араң тирүү калган экен. Бирок, ошол убакта ал тигинде алайып отурган бала менен барган сайын чачы саксайып, барган сайын коркунучтуу болуп бараткан кемпирден көзүн албай, баарын көрүп отуруптур. Ал тургай аларды кантип куюн каптап кеткенин, жана куюн тарап кеткенде экөө тең көздөн кайым болгонун да көрүптүр.

– Шумдугуң кургур, мен ал кемпирди жана өйдө жактан келеткенда эле көргөм, – деп бакылдап жатты Керимбай. – Жанагы жомоктогу мастан кемпирдин эле өзү болчу. Бирок, ким ойлоптур ушул заманда мастан болот деп? Ким ойлоптур? – деп алаңдап жатты ал. Анткени менен кишилер ага деле ишене беришкен жок. Ишенмек тургай аны жинди болуп калдыбы деп коркуп, шектене карай башташты. А аялы болсо, акырын колунан тартып, алдап-соолап үйүнө жетелеп кетти. Нары баратканда чөнтөгүнөн телефонун сууруп чыгып доктур да чакырды окшойт. Же молдо чакыртып дуба окутмай болдубу, айтор бирөөлөрдү жардамга чакырды.

Кокус ошол күнү чын эле баягы бала жок болуп кетпегенде, Керимбайды түз эле жиндиканага алып баршымак. Алгач ага ишенбей, шектене карап атkандар, качан гана баланын такыр табылбай, жоголуп кеткенин билгенде анын сөзүнө баа берип, сурака ала башташты. Бирок, ал бечера мастан кемпир сыйкырлап алып кеткенин кайдан билсин. «Куюндан кийин жок болду» деди да калды. Башка эч нерсе айта алган жок.

Жыйналыш жана жаза

Бир заматта алай-дүлөй ызы-чуу болуп кеткендиктен бала эмне болгонун түшүнбөй калды. Ал тургай ал корkконунан мастан кемпирди бекем кучактап алыптыр. Ушунун баарын так ошол кемпир кылып атканын кайдан билсин бечара? Көзүн тырыштыра жумуп, башын кемпирдин койнуна катып эле отуруп берди.

***(Уландысы бар)***

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ



## Азыктар куржуну

Бул жумада Бишкек шаарынын базарларында жашылчалардын баасы арзандап, эттики жогорулаган. Жер-жемиштердин баасы дээрлик беш сомго түшсө, уйдун этинин баасы 25-30 сомго кымбаттаган.

| | | | |
|---|---|---|---|
| Ун (жогорку сорт) 40 сом | Кой эти 240 сом | Пияз 12 сом | Сабиз 15 сом |
| Өсүмдүк майы 90-100 сом | Тооктун буту 125 сом | Кумшекер 55 сом | Картошка 12 сом |
| Күрүч 65-130 сом | Жумуртка (10 даана) 70-80 сом | Уй эти 320 сом | Алма 60 сом |
| Макарон 40 сом | Кесме 50 сом | Сүт (кутучада) 40 сом | Банан 90-120 сом |

## Ислам принциптери менен каржылоо боюнча маалымат алгыңыз келеби?



«Исламий чакан каржылоону шыктандыруу» долбоорунун **акысыз** семинарларына катышыңыз!

**Тел.: 0707 08 84 43, 0312 88 09 63**

## САПТЫК ЖАРНАМАЛАР

Профилдик трубаларды жасайбыз жана сатабыз. Дүң жана чекене баада. ЖЧК "Темир-Про" 0 553 77 33 58, 0 703 25 50 44 Бишкек ш., Фрунзе заводу (Интергельпо көчөсү)

Алтын Ордодон 4-бөлмөлүү үй сатылат. Жакшы шарттары бар. 27 миң доллар. 0703 853077

**Портер такси. 0700 06 80 11, 0709 19 38 38**

+1С бухчет, секретарь-референт боюнча окууга алабыз. Бөлүп төлөсө болот. 0700 200672

Шашылыш түрдө Дордой базарынан контейнер же жарым контейнер ижарага алам. (Борбордук өтмөктөн. Алканов базарынан) Узак мөөнөткө. 0705 43 58 48 Бардык сунуштарды карайбыз.

ЭВАКУАТОР БИШКЕК. 0772 13 62 33, 0700 71 61 44, 0553 80 22 02. 24 СААТ

16 даана колдонулган ашкана отургучтарын арзан баада сатып алам. 4 столу менен болсо да болот. 0700888801 0552888801

Кожойкелер үчүн миң түрдүү сүлгүлөр: махер, вафель, бет сүртүүчү ж.б.
Баасы 200 сомдон башталат (вафел) жана 300 сомдон өйдө (махер) борбордо жеткирүү баасы менен. Борбордон сырткары жеткирүүгө 50-100 сом кошулат. 0 (559) 420 467

**Газетабызга саптык жарнамаларды кабыл алабыз**
**Байланыш телефону: 0 (703) 73 82 31**

Улуттук авточехолдор! Бардык түрдөгү жеңил унааларга! Болгону 4500 сом! Whatsapp 0773477055

IPhone 5S space gray 16гб сатылат. Толугураак маалымат үчүн 0705291793

Samsung Tab 4 жаңы, 2 симкарта Оригинал эмес. Баасы 6000 сом 0771145145

Toyota Land Cruiser Prado сатылат. 2009 жылдар. 2.7 үнөмдүү жана күчтүү. Күмүш түстүү, тукаба, абалы сонун. Майы, аккумулятору, баары жаңы. 20 000 $ 0705989808 whatsapp

Үй сатылат. 5 бөлмөлүү, 160 чарчы метр, 2 метр, 4 сотка, дубалы кирпич, "Мурас Ордо" (озерное) жаңы конушунда. 1 500 000 сом. 0771355244

Сантехникага тиешелүү бардык иштерди аткарабыз. 0 700 84 83 63, 0550 84 83 63

Журналистика бөлүмүндө окуган студенттерди **«Саресеп»** гезитине практикага чакырабыз.
Резюмеңиздерди saresep@mail.ru дарегине жиберсеңиздер болот.
Тел.: 0 703 73 82 31

